eJOURNAL USA

КООМ ЖАНА БААЛУУЛУКТАР



# АКШнын Б□Г□НК□ КИНОИНДУСТРИЯСЫ

Коом жана баалуулуктар, 12-том, №6

Башкы редактор .........Жорж Клак
Аткаруучу редактор .......Ричард В.Хаккеби
Өндүрүш жетекчиси .......Кристиан Ларсон
Өндүрүш жетекчисинин жардамчысы............. Силвия Скотт
Веб-продюсер.........Жанин Перри

Редактор ........Робин Л.Йегер
Кошумча редакторлор.... Кероли Уолкер, Мартин Ж.Меннинг
Редактордун жардамчысы..... Розали Таргонски
Кенешчи адис........................... Мартин Ж.Меннинг
Көркөм редактор ......Энн Монро Жейкобс
Мукаба дизайнери..... Мин Йао

Редакциялык коллегия............. Жереми Ф.Кертин, Жонатан Марголис, Чарльз Н.Сильвер

Мукабадагы сүрөттөр
Кинотеатр: © 2007 Jupiterimages Corporation
Экранда Скарлет Йохансон 2005-жылкы «Оскар» сыйлыгын тапшыруу аземинде

АКШ Мамлекеттик департаментинин эларалык маалымат программаларынын бюросу АКШ электрондук журналын логотиби менен беш электрондук журнал *(«Экономикалык перспективалар», «Глобалдык маселелер», «Демократия маселелери», «Тышкы саясат» жана «Коом жана баалуулуктар»)* кылып чыгарат. Алар АКШ жана эларалык коомчулук тушуккан негизги маселелерге, ошондой эле АКШ коомун, баалуулуктарын, мүдөөлөрүн жана институттарын иликтөөгө арналган.

Журналдардын жаңы саны ай сайын англис тилинде чыгат, ал эми француз, португал, орус жана испан тилдериндегиси эки-төрт жумадан кийин жарык көрөт. Айрым сандары араб, кытай жана перси тилдеринде да чыгат. Ар бир журнал өзүнчө том жана номер түрүндө каталогго киргизилген.

Журналдарда айтылган пикирлер сөзсүз түрдө АКШ өкмөтүнүн көз карашын же саясатын чагылдырбайт. АКШнын Мамлекеттик департаменти журналда берилген интернет сайттардын мазмуну жана алардын жеткиликтүүлүгү үчүн жооп бербейт; мындай жоопкерчилик ошол сайттардын ээлеринин мойнунда болот. Атайын чектөөлөрү болбосо, журналдагы макалалар, сүрөттөр жана иллюстрациялар Кошмо Штаттардан башка жерде кайра басылышы жана которулушу мүмкүн. Чектөөлөр атайын көрсөтүлгөн болсо, автордук укук үчүн журналда көрсөтүлгөн укук ээлерине кайрылуу керек.

Эларалык маалымат программаларынын бюросу журналдардын жаңы жана эски сандарын, ошондой эле чыга турган сандардын тизмесин бир нече электрондук форматта төмөнкү сайттан сунуш кылат: *http://usinfo.state.gov/pub/ejournalusa.html.* Ой-пикириңиздерди өз жериңиздеги АКШнын элчилигине же төмөндөгү редакция дарегине жибериңиз:

Editor, eJournal USA
IIP/PUBJ
U.S. Department of State
301 4th Street, SW
Washington, DC 20547
United States of America
E-mail: eJournalUSA@state.gov

# Журналдын бул саны жөнүндө: Блокбастерлер эле эмес

Маркум кинорежиссёр Ричард Брукс: «Алгач образдар жаралат, анан образдар музыка сыяктуу эле эмоционалдык реакцияны жаратат»,- деп айткан эле. Голливуддан чыккан фильмдердин жүз жылдан ашуун мезгилден бери дүйнө жүзүндө өтө популярдуу болуп келатышы ушул нукура чындыкты тастыктап турат. Азыркы глобалдашуу мезгилинде кинофильмдердин эмоционалдык күчү маданияттан маданиятка оңой эле өтүп, Голливуддун фильмдери Американын башка өлкөлөргө чыгаруучу негизги экспорттук товарына айланды.

Кино азыр жөн эле көңүл ачуу, же болбосо караңгыда жүрөк титиреткен сюжеттерди жана өзүнө арбап алган окуяларды карап отурчу аттракцион эмес. «АКШнын бүгүнкү киноиндустриясы» деген биздин журналдын атынан көрүнүп тургандай, Американын фильмдери бүгүнкү күндө индустриянын бир түрү болуп эсептелет. Көрүнүп турса да көп учурда көз жаздымда калып жүргөн чындык: фильмдин ийгиликтүү болушу же оңунан чыкпай калышы рынок шартына жараша болот. Эл болочок фильмди акы төлөп көрөбү же жокпу? Болочок фильмдин долбоорун карап жатып, киноиндустриясынын магнаттары сөзсүз ушул суроону беришет. Ушунун өзү эле Америка фильмдерин түшүнүүнүн да ачкычы болуп эсептелет.

Ошол эле учурда фильм тартуу бизнес эле эмес. Ал ошондой эле искусствонун биргелешкен формасы болуп саналат да, ага кымбат акы төлөнүүчү таланттуу актёрлор, режиссёрлор жана сценаристтерден баштап, экран жылдыздары үчүн ар түрдүү нерселерди жасап, сценаны жарык кылып, грим сүйкөй турган атайын адистерге чейин тартылат.

Акырында, популярдуу өнөрдүн бардык формалары сыяктуу эле, кандай гана фильм болбосун, жалпы баалуулуктарды өзүнө камтыйт жана фильм жаратуу үчүн зарыл болгон жүздөгөн тандоолордун натыйжасында келип чыгат. Бул баалуулуктар кээде гана ачык тема же билдирүү формасында болушу мүмкүн, алар көбүнчө бардык кинорежиссёрлор сокур сезим менен умтула турган нерсенин – аудиториянын көңүлүн буруу аракетинин натыйжасы болот.

Анда накта америкалык фильмдер кандай болот болду экен? Мунун жалпыга маалым жана кандайдыр бир деңгээлде стереотипке айланган жообу бар: блокбастер, дүйнө жүзү боюнча билеттери сатылып, чоң киреше бере турган популярдуу шоу. Адатта бул термин жүз миллион доллардан ашуун бюджети бар, касса жыйымы боюнча рекорд койгон экран жылдызы ойногон боевикти же триллерди билдирет. Экран жылдызы келбеттүү, акылдуу жана чечкиндүү каармандын ролун ойноо менен, өзүнөн алда канча күчтүү, бүтүндөй цивилизацияга коркунуч туудурган кылмышкерлерге каршы күрөшөт. Көрүүчүлөр блокбастерден күтүүсүз сюжеттерди, кылдат иштелип чыккан бирин-бири куушмай сценаларды, анан эбегейсиз чоң жарылууларды күтүшөт. Башка жагынан алып караганда, блокбастерден каармандын мүнөзүн, же коомдук чөйрөнү терең чагылдырууну, же болбосо карапайым адамдардын жашоосун реалдуу көрсөтүүнү табуу өтө кыйын.

2007-жылы Америка кинематография академиясынын сыйлыгын тапшырууда актёр Уилл Смит өзгөчө бир ойду айткан: «Америка фильмдеринин баарына тиешелүү орток өзөгү - аларды башка фильмдерден айырмалап турган нерсе жок. Алардын ар бири Американын өзү сыяктуу эле ар башка. Айрымдары көңүлдү көтөрөт, айрымдары күлдүрөт, кээ бирөөлөрү бизге ырдап берет, башкалары ыйлашат, бирок алардын ар бири дүйнөгө өлкөбүздүн социалдык, саясий жана диний ар түрдүүлүгүн чагылдырып турат».

Смит адатта Кошмо Штаттар менен байланыштырылып жүргөн бир нече баалуулуктарды белгилеген: биринчиден, Америка - өсүү процессиндеги өлкө, демек, анын саясий системасы өз идеалдарына карай илгерилөөгө мүмкүнчүлүк берет; экинчиден, ар түрдүүлүк - Америка элинин көп түрдүүлүгүнүн салтанат курушу. Голливуддун киноиндустриясын карап отуруп, америкалыктар ыйык сактаган башкы баалуулуктарды: жаңычылдыкты, ишкердикти, оптимизмди, чыгармачылдыкты жана көбүнчө иммиграция формасында кездешүүчү башка маданияттарга жасалган ачык мамилени байкоого болот.

АКШнын электрондук журналынын бул санын тартуулоодогу максаттарыбыздын бири - окурмандарга Америка фильмдеринин стреотипке айланган блокбастерлерден алда канча бай жана ар түрдүү экенин маалымдоо. Мындагы макалалар киноиндустриясынын динамикасын чагылдырат. Биздин авторлорубуз аудиториялар менен актёрлор сыяктуу эле киноиндустриясы да бара-бара интернационалдашып баратканын, соңку жылдарда фильм тартууда жекече стилдердин пайда болуп жатканын, Кошмо Штаттардагы чет элдик фильм рыногун, интернеттин жана цифралык технология революциясынын кино тартууга жана аны жайылтууга тийгизген таасирин иликтешет. «Сунданс» сыяктуу жаш таланттарды алып чыккан айрым кинофестивалдар жана айрым киностудиялардын фильм тартууда жаштарга таянуу аракеттери тууралуу да учкай сөз болот. Фотогалереядагы сүрөттөр Голливуддун атаандашкан казанында кайнап жаткан көп улуттуу жаш жазуучулардан, кинорежиссёрлордон, продюсерлерден жана актёрлордон кабар берет.

Ошентип, Ричард Брукс айткандай, Голливуддун фильмдери 21-кылымга кирип бараткан учурда дүйнөнү кинематографиянын бай казынасы жана эмоциясы менен байытууда. Америкалык киносынчылардын аксакалы Ричард Шикелдин сөзү менен айтканда, «Американын кино традициясы дайыма интеллектке негизденет».

*Редакция*

**КООМ ЖАНА БААЛУУЛУКТАР**
**АКШНЫН МАМЛЕКЕТТИК ДЕПАРТАМЕНТИ / ИЮНЬ 2007 / 12 ТОМ / № 6**
*HTTP://USINFO.STATE.GOV/PUB/EJOURNALUSA.HTML*

# АКШнын бүгүнкү киноиндустриясы

**4 Накта америкалык фильмдер кандай болот?**
***Томас Догерти, Брандейс университетинин профессору***
Американын киноиндустриясы, айтылган сын пикирлерге карабастан, дүйнөлүк кино рынокто үстөмдүк кылууда. Автор мунун эмне үчүн мындай экенин баяндоо менен соңку бир нече фильмдин Кошмо Штаттардагы жана чет өлкөлөрдөгү таасирлерин салыштырат.

**9 Кыял чабыттары: Американын спорттук фильмдери**
***Дэвид Ж.Файрштейн, АКШнын Мамлекеттик департаментинин Чыгыш Азия бюросу***
Соңку спорттук фильмдер *(«Титандарды эстей жүр», «Жума күндүн түнкү жарыктары», «Машыктыруучу Картер» ж.б.)* Американын баалуулуктары тууралуу баяндайт.

**12 Америкадагы чет элдик кино**
***Тимоти Корриган, кинематография бөлүмүнүн башчысы, Пенсильвания университети***
Автор Кошмо Штаттардагы эларалык кино сценаларынын өнүгүүсүн иликтейт

**16 Кошмо Штаттардагы кинофестивалдар**
***Кэроли Уолкер, АКШнын мамлекеттик департаментинин эларалык маалымат программаларынын бюросу,***
Фильмдерге кызыгуу кинофестивалдар менен кинорежиссёрлорго өбөлгө түзөт.

**17 Четте:** *Кассалар*

**18 Жаш кинорежиссёрлордун сүрөт галереясы**
Дүйнөнүн ар түрдүү булуң-бурчунан келген жаш кинорежиссёрлор кинодүйнөсүндө атакка ээ болушкан. Алардын айрымдары актёр, кээ бирөөлөрү кинорежиссёр же продюсер, көпчүлүгү эки же андан да көп ролдорду айкалыштырышкан.

**29 Көзкарандысыз кинонун пайда болушу**
***Кеннет Туран, кино сынчы, «Лос-Анжелес таймс»***
Көзкарандысыз фильмдердин коомчулукка таанылышы көзкарандысыз киноиндустриясынын өсүп-өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

**32 Четте:** *«Сандэнс» - дүйнө жүзүндөгү көзкарандысыз кинорежиссёрлордун эмгектерине колдоо көрсөтүү.*

**34 Четте:** *Кинофестиваль сенин үйүңдө*

**36 Цифралык технологиялар революциясы**
***Стивен Ашер, документалдык фильмдин режиссёру жана автору***
Кинорежиссёрлор цифралык технологияны биринчи жолу 1980-жылдары жаңы фантастикалык образдарды жаратуу үчүн колдонушкан. Ошондон баштап татаалдашып бараткан бул каражаттар фильмдерди цифралык жол менен жаратууга, сатууга жана таратууга мүмкүнчүлүк бере баштады.

**40 Голливуд айлана-чөйрөнү коргоого багыт алууда**
***Робин Л.Йегер, АКШ Мамлекеттик департаментинин эларалык маалымат программалар бюросу***
Голливуддун айлана-чөйрөнү коргоого багытталган иш-аракеттери баяндалат.

42 **Четте:** *Өкмөт жана кино*

44 **Библиография**

45 **Интернет ресурстары**




*«Ю-тюбду» биргелешип негиздешкен Чад Харли (солдо) жана Стивен Чен өздөрүнүн портатив компьютерлери менен. Видео бөлүшүүчү бул веб-сайт 2006-жылы сайтка чыгарылган фильмдерге сыйлык тартуулаган.*

# Накта америкалык фильмдер кандай болот?

Томас Догерти



© AP Images/The Daily Courier, Jerry Jackson

*Американын фильмдеринде, өзгөчө кинорежиссёр Жон Форддун классикалык вестерндеринде, Монумент өрөөнү көп көрсөтүлөт.*

*Американын киноиндустриясы, айтылган сын пикирлерге карабастан, дүйнөлүк кинорынокто үстөмдүк кылууда. Автор себебин баяндоо менен, соңку бир нече фильмдин Кошмо Штаттардагы жана чет өлкөлөрдөгү таасирлерин салыштырат. Томас Догерти - Бостондун жанындагы (Массачусетс штаты) Брандейс университетинин кинематография бөлүмүнүн профессору. Ал - «Согуш долбоорлору: Голливуд», «Америкалык маданият», «Экинчи дүйнөлүк согуш» (1999) жана «Тинейжерлер жана Тинпикс: 1950-жылдардагы Америка фильмдеринин жаштарга багыт алуусу» (2002) сыяктуу бир катар китептердин автору.*

«Америкалыктар аң-сезимибизди ээлеп алышты»,- дейт Уим Уэндерстин «Жол королдору» деген фильминдеги (1976) бир каарман, бир жагынан таң калып, бир жагынан нааразы болуп. Бул жол фильмин тарткан немис режиссёру, ошол эле учурда, оңтою келери менен Голливуддун атактуу режиссёру Жон Форд көп пайдаланган Юта штатындагы Монумент өрөөнүн тарткан.

Уэндерстин кинонун мекенине жасаган мындай эки ача мамилеси «колониялыктардын» жалпы мамилесин чагылдырат жана буга кабыл алуучу өлкөнүн элдери да кошулат. Америкалыктардын кыялдарынын маңызын чагылдырган фильмдерди тартуудагы Голливуддун таланты талашсыз болушу мүмкүн, бирок америкалык эмес кино күйөрмандары өздөрүнүн аң-сезимине ошол кыялдардын агрессивдүүлүк менен киргизилип жатканына кыжалат болбой койбойт. Жыл сайын Канндагы кинофестивалда «Алтын пальма» сыйлыгына талапкер болгон антиамерикалык фаворит фильм … Америкадан келгенин айтып тамашалашат. Майкл Мурдун «Фаренгейт 9/11» (2004) аттуу фильми мына ушуга ачык мисал боло алат.

DVD пираттарынын жана «Ю-тюб» сыяктуу видеографтардын катуу чабуулдарына карабастан, массалык продукция чыгаруу менен 20-кылымдагы Америка баалуулуктарынын кеңири экрандагы көргөзмөсү болгон бул компания - шаары, сыягы, 21-кылымда да рыноктогу үстөмдүгүн уланта берет. Американын автомобиль индустриясынын мекени болгон Детройт (Мичиган штаты), автомобиль чыгаруучу Тойота (Япония) жана Зинделфинген (Германия) менен болгон жарышта артта калышы мүмкүн, бирок Голливуд өз тармагындагы үстөмдүгүн бекем сактап келет. Америкалык кинематографиянын артыкчылыгы, чындыгында эле, анын эң жогорку сапаттагы товарды чыгара билгендиги менен шартталган. Америка логотибинин үстөмдүк кылуусуна бир

жагынан индивидуализм, аракет эркиндиги, ыкчамдык, бакыттын (сүйүүдө жана акча маселесинде) артынан сая түшүү, коомдо татыктуу орун таап, чоң абройго жетишүү сыяктуу мыкты сапаттар жана күч менен адеп-ахлак оңолуусуна жетишкен каармандар да себепкер. Мындан тышкары «Твентис сенчери фокс», «Уорнер Бразерс» жана «MGM» кинокомпаниялары автомобиль жасоочулар ишке ашыра албаган нерселерди жасап, жаңы рынок күчтөрүнө ыңгайлашуу менен конкуренцияда биригип кетип жатышат. Бүгүнкү күндө Голливуд товарын чет өлкөлүктөргө ылайыкташтыруу менен эле чектелбестен, аларды чет өлкөлүк инженерлердин чыгаруусуна жетишти.

## Эларалык таасирлер

«Вэрайети» жумалык таблоид гезитинин маалыматына караганда, Голливуд өз кирешесинин 50 пайыздан көбүрөөгүн чет өлкөлөрдөгү кассалардан алат. Көп учурда чет өлкөдөн түшкөн дүң кирешелер («Казино Рояль» жана «Да Винчи коду» сыяктуу эларалык блокбастерлерде бул 70 пайыздан көбүрөөк болот) өлкө ичиндегиден ашып түшөт. Башкача айтканда, одоно кылык-жоруктар, баш айландырган интригалар жана эбегейсиз жарылуулар, чет элдик сынчылардын ою боюнча, Голливуддун өз өлкөсүндөгү көрүүчүлөр үчүн эмес, дүйнөлүк мандатка ээ болуу үчүн чыгарган эң начар экспорттук товарын аныктап турат. Алдын ала белгилүү болгон жөнөкөй сюжет, көз уялткан визуалдык эффектилер жана минималдык субтитрлерди талап кылган кыска сөздөр себеп-натыйжалардын татаал желесине, баш айланткан мүнөздөмөлөргө жана жылдырма какшыктарга караганда оңоюраак кабыл алынат, ушундан улам Сингапурдан Сенегалга чейинки аймактарда билет үчүн кезекке туруп, америкалык тинейжерлердин кылык-жоруктарын, көндүм адаттарын сатып алып жатышат.

Албетте, өз товарын чет өлкөгө саткан эларалык индустрия катары Голливуд чет элдик керектөөчүлөрдү дайыма эске алат. Ал турсун, фильмдердин 100 пайызы Америкада тартылчу классикалык студия мезгилинде да фильмдер эч качан 100 пайыз америкалыктар үчүн тартылчу эмес, анан калса, алардын баарын америкалыктар эле тартчу эмес. Ал эми азыр болсо, улуттук компоненттер менен экзотикалык элементтердин катышы ар түрдүү болуп, улуттук жана чет элдик таасирлер фильмден фильмге карай өзгөрүүдө. Мындай аралашуунун ачык белгилерин көрнөктөрдөгү ысымдардан, экран жылдыздары менен кинорежиссёрлордон байкоого болот. Голливуд сатып ала албаган чет элдик таланттардан гана шек санаган. 1920-жылдар менен 1930-жылдары германиялык жана англиялык кинорежиссёрлор америкалык продюсерлер Льюис Б.Майер менен Дэвид О.Селзниктин акча сунушуна жан-дили менен макул болушкан. Кийинчерээк мексикалык жана тайвандык кинорежиссёрлор укмуштуу технология менен мол бюджетке кызыгып келишкен. Кыскача айтканда, америкалык фильмдерди америкалык кылып турган нерсе, балким, америкалык эместердин оңой эле сиңип кетишинде болсо керек.

Жыл сайын соңку кинематографиялык сезондун пресс-релизинен Голливуддун чет элдик таланттарды тартуудагы символдук порт катары Эллис аралынан ашып кеткенин көрүүгө болот. Ошондой болсо да, 2006-жылы тартылып, «Оскарга» татыктуу болгон жана башка фильмдер Америкада азыркы учурда накта ийгиликке жетишип жаткан иммигранттардын тобун айгинелеп турат. Бул киноиндустриясынын ассимиляциялоочу күчүнүн, Америка тектүү фильмдер дайыма эле америкалыктар тарабынан тартылбагандыгынын далили болуп саналат. Карап көрөлү:

**«Маркум» («The Departed»):** Мартин Скорсезенин америкалык гангстерлердин кыял-жоругун чагылдырган акыркы эмгеги - аргындаштырылган гибрид: мында Гонконгдун «Айбанчылык иштер» деген кылмыш триллери (2002) Голливуддун жылдыздарынын катышуусу менен Бостон шаарындагы ирландиялыктардын чөйрөсүндө кайра иштелип чыккан, андан италиялык-америкалык Скорсезенин «Ыплас көчөлөр» (1972) фильминен бери келаткан адреналиндин энергиясы сезилип турат. Жергиликтүү бостондук актёрлор Мэт Дэймон менен Марк Уолбергдин өзгөчө акценттери,




© AP Images/Fritz Reiss

*Женнифер Хадсон «Кыялдагы кыздар» мюзиклындагы аткаруу чеберчилиги үчүн «Оскар» сыйлыгын алган.*



© AP Images/Gus Ruelas

*Император пингвиндер Лос-Анжелеске, «Бактылуу кадамдар» фильминин бет ачарына келишти.*

жазуучу «Мотаун рекордс» компаниясы менен «Сюпримислайк» кыздар тобунун келип чыгышын чагылдыруу менен бул фильм алардын «Топ форти рейдио» тизмесинин алдыңкы сабына кантип киргенин баяндайт, ал эми мындагы жарандык укуктар кыймылы сахнанын артындагы окуялардын бетин ачат. Америкалыктар үчүн ийгиликтүү окуянын купуя тондору фонограмма сыяктуу эле жаңырып турат: 2004-жылы «Америкалык идол» телешоусунун жылдызы боло албай калган Женнифер Хадсон «Кыялдагы кыздардан» кийин Американын чыныгы киножылдызы болуп калды. Бул жыл америкалык мюзиклдар үчүн жакшы жыл болду: «Бактылуу кадамдар» деген компьютерден жаралган пингвиндердин рок-н-роллдун фонограммасында бийлөөсү айлана-чөйрөнү коргоого чакырган Альберт Гордун «Ачуу чындык»

Американын мегаполистери катары тартылган Канаданын хамелеон шаарларындагы сценалар - бул фильм кичине топко тиешелүү нерселерди бүткүл өлкөлүк жана эларалык популярдуу деңгээлге алып чыкты. Быйыл дүркүрөгөн кол чабуулар астында фильм эң мыкты фильм жана эң мыкты режиссёр номинациясы боюнча «Оскар» сыйлыгын алды.

**«Кыялдагы кыздар («Dreamgirls»):** Американын башка бир шаары - музыкалык көңүл ачуулары менен белгилүү болгон Детройтко өтсөк, Билл Кондон ишке ашырган Бродвей хитине стилдештирилген шаан-шөкөттүү, ызы-чуулуу, Голливуддун павильондорунда гана тартууга боло турган, массалык көрсөтүүгө арналган музыкалуу фильм болуп эсептелет. Музыка



© AP Images/Twentieth Century Fox, Eric Lee

*«Кичинекей нур кыз» (Little Miss Sunshine) фильминде айрым окуяларды иретке келтирүү үчүн бир үй-бүлөнүн элет жолу менен жер кезүүсү пайдаланылат жана бул фильм үй-бүлөлүк мамилелерди өзгөртөт.*





© AP Images/Michel Spingler

*Актрисалар Мерил Стрип (солдо) жана Анна Хатвей Девиледеги (Франция) «Азезил Прада кией» (The Devil Wears Prada) фильминин бет ачарында.*

документалдык фильминин балдар үчүн тартылган версиясындай болду.

**«Кичинекей нур кыз» («Little Miss Sunshine»):** Американын балдарга арналган фильмдеринин эң мыктысы чоңдордун да жүрөгүнөн орун тапты. Уим Уэндерстен айырмаланып, режиссёрлор Жонатан Дейтон жана Валери Фарис Гек Финн менен Жек Кероуастан Голливуддун жол фильмдеринен эргүү алышып, проблемалуу үй-бүлөнү эски «Фольксвагенге» отуругузуп өлкөнү кыдырганга коё беришет. Дайыма боло жүргөндөй эле, саякаттын (Калифорнияга саякат, башка кайда болмок эле) максаты эмес, өзү маанилүү болуп чыгат. Ошентип, жүргүнчүлөр жолго чыгышат: балдардын сулуулук конкурсунун катышуучусу, ийгиликке ээ боло албаган лектор, героин жыттаган чоң ата, кайдыгер интеллектуал, кайдыгер өспүрүм жана ушулардын

баарын караган аял жана эне. Кошмо Штаттарда абдан популярдуу болуп, ал турсун элдин сүймөнчүгүнө айланган «Кичинекей нур кыз» чет өлкөлөрдө популярдуу болгон жок. Голливуддун дүйнөдөгү «глобалдык позициялоо системасы» эффективдүү болсо деле, эларалык масштабдагы фильмдер кандайдыр бир орточо нормаларды талап кылат. Диалекттерди көп пайдаланган, улуттук өзгөчөлүктөргө бай фильм чет өлкөлөрдө киреше бербей тургандыгы шексиз. Андан көрө жапатырмак блокбастерлерге умтулуп, «эч токтобос аттракционго түштүк!» деген ураанды жакшырткан оң.


© AP Images/Katsumi Kasahara

*Кинорежиссёр Клинт Иствуд япон актёрлору Кен Ватанабе (солдо) жана Суоши Ихара менен Токиодогу «Иводзимадан келген каттар» (Letters from Iwo Jima) фильминин бет ачарында.*

**«Азезил прада киет» (The Devil Wears Prada):** Чет өлкөлөрдө ийгиликтүү жүргөн бул комедия-мелодрама Лорен Вайсбергердин романы боюнча Дэвид Френкел тарабынан тартылып, мында принцесса «Күлчүдөгүдөй» хрусталь башмак кийбейт, анткени гардеробу абдан мыкты дизайнерлердин кийимдерине толгон болот. Анна Хатвей ойногон көптөн үмүткөр кылган татынакай кыз түрү суук өрдөктөн ак кууга айлангыча, Мерил Стриптин аткаруусундагы мүчөсү келишкен, модалуу, бирок кайдыгер, ажаан аял киносынчы Робин Вуд белгилеген «ачыла элек роза» синдромунан жапа чегет. Ал турсун Америкада да байлык жана атак-даңк жан-дүйнөсүз эч нерсеге жарабайт жана таш боор бизнесмендер «Жаран Кейндеги» (1941) Чарльз Фостер Кейн сыяктуу болуп бейкүнөө наристелигинен айрылганынан жабыркап жатып жалгыз өлөт.



© AP Images/Luca Bruno

*«Оскар» сыйлыгын алган Элен Миррен Венециядагы кинофестивалда илинген «Королева» (The Queen) фильминин афишасында.*

**«Аталарыбыздын желектери» (Flags of Our Fathers) жана «Иводзимадан келген каттар» (Letters from Iwo Jima):** Клинт Иствуддун бул кош фильми Голливуддун тарыхында мурда болуп көрбөгөндөй ийгилик алып келди. Эки фильм тең бир эле окуяны эки башка көз караштан чагылдырат. Бул кош фильм жыл аягында атактуу киносынчылар тарабынан жогору бааланып, «эң мыкты он фильмдин» катарына киргени менен, Экинчи дүйнөлүк согушту ыйык туткан америкалык көрүүчүлөр бул фильмдердин бирин да кучак жайып тосуп алышкан жок. Чет элде туулуп өскөн артисттер америкалыктардын маанайын атактуу америкалык актёр Иствудга караганда жакшы билишкени бир караганда кызыктай көрүнсө, экинчи жагынан табигый нерсе эле. Анткени алар эмиграннттардын мурунку муундары сыяктуу эле чет өлкөлөрдөн өз багаждары менен келишкен, бирок жергиликтүү элдин тилин тез эле үйрөнүп, сынчылар тарабынан бааланып, коммерция жагынан ийгиликке жетишет.

**«Королева» («The Queen»):** Стивен Фриерстин азыркы «костюмдуу спектаклинин» Кошмо Штаттардагы ийгилиги америкалыктардын Англия королунун үй-бүлөсүнө болгон мурунтан келаткан кызыгуусун чагылдырып турат, бирок демократиялык мүнөздөгү боорукердик (премьер-министр Тони Блэр) менен королдук консерватизмдин (королева Елизавета II) ортосундагы сценалар аягында принцесса Диананын күтүүсүз өлүмү жана ага болгон эки тараптын реакциясы менен аяктайт. Королеванын салттуу стоицизми, чынын айтканда, массалык мүнөзгө ээ болгон принцесса Диананы ызаттагандардын көз жашына караганда кадыр-барктуудай сезилет.

**«Рейс 93» («United 93»):** Америкалыктарга азаптарды алып келген окуяларды баяндаган




© AP Images/Dima Gavrysh

*(Солдон оңго) Мексикалык кинорежиссёрлор Альфонсо Куарон, Гильермо дел Торо жана Александро Гонзалес Иньярриту Нью-Йорктогу «Гоутам» сыйлыгын тапшыруу аземинде.*

британиялык режиссер тарабынан тартылган бул фильм жылдын эң эсте каларлык тасмалардын бири болду.  Пол Грингластын бул триллери 2001-жылдын 11-сентябрында болгон террористик чабуулдарды майда-чүйдөсүнөн бери сүрөттөгөн экипаждын кабинасынан тартылган алгачкы толук метраждуу фильм болуп эсептелет.  Окуяларды болгондой реалдуу түрдө көрсөткөндүктөн, фильм америкалыктарга акыркы технологиялары жана киножылдыздары жок эле чон таасир тийгизди.  Бул фильмди Кошмо Штаттарда кинотеатрлардан көрүү жамааттык түрдө сокку алуу дегендик болор эле, анын таасирин чет өлкөлөрдөгү кинотеатрларда берүүнүн мүмкүн экенинен шегим бар.

**«Борат: Казакстандын атактуу элине пайда келтирүү үчүн Американын маданиятын үйрөнүү» (Borat: Cultural Learnings of America for Make Benefit Glorious Nation of Kazakhstan):** Американын кинематографиясына «гастарбайтерлердин» тийгизген таасирин баяндоодо, сөзүбүз толук болсун үчүн, тарбиялуу Англиядан келген Саша Барон Коэндин орой, одоно, «провокациялык» картинасын да айта кетүү керек.  Анын чаташкан «жол фильми» классикалык чек ара боюнча Чыгыштан (Нью-Йорктон) Батышка карай (актриса жана модель Памела Андерсонду издеп) жүрүп отурат. Алекс Токвиллге сыяктуу болбосо да, Коэндин түркөйлүгү америкалыктардын буга чейин байкалбаган жагын, атап айтканда, чет өлкөлүктөрдүн чагымчылдыгына алардын өтө сабырдуу мамиле жасай тургандыгын көрсөтүү менен аяктаган.



© AP Images/Abdeljalil Bounhar

*(Солдон оңго) Актёрлор Баубкер Алт Эл Саид (Марокко), Ринко Кикучи (Япония), Таржани Саид (Марокко) жана кинорежиссёр Александро Гонзалес Иньярриту (Мексика) Марракештеги эларалык кинофестивалда.*

**«Пандын лабиринти», «Вавилон» жана «Атанын балдары» (Pan's Labyrinth, Babel, and Children of Men):** Гильермо дел Торо, Александро Гонзалес Иньярриту жана Альфонсо Куарон мексикалык үч кинорежиссёрдун көрөгөчтүгү жана алардын жүрөк үшүткөн өткөн чак, чаташкан азыркы мезгил жана караңгы келечектен кабар берген тасмалары Голливудга чет элдик режиссёрлордун кирип жаткандыгынын шексиз далили болуп эсептелет. Басма сөз «үч амиго» деп ат койгон бул трио Америка киносунун негизги агымындагы жаркыраган тышкы көрүнүш менен шайыр оптимизмге ачык боёктуу сүрөттөр менен трагедиялуу туюмду, каармандар колдо өлө турган, ал эми дүйнө адамдын кайгы-капасына кайдыгер жер катары карала турган түштүк чек араны алып келди.

АКШда же чет элде тартылган 2006-жылкы америкалык фильмдердин ичинен «Вавилон», аты айтып тургандай, Голливуддун көп тилдүү, көп маданияттуу келечегинен жакшы кабар берип турат.  Кастингде, актёрлордо, окуя болгон жерлерде (Марокко, Калифорния, Мексика жана Япония) жана сезимталдыктын баарында маданият аралык элементтердин жагымдуу аралашмасы бар. Карызды кайтаруу сыяктуу чет элдиктер Американын кинематографиясын колоницазиялап жатышат.

---

*Журналдарда айтылган пикирлер сөзсүз эле АКШ өкмөтүнүн көз карашын же саясатын чагылдырбайт.*

# Кыял чабыттары: Американын спорттук фильмдери

Дэвид Ж.Файрштейн



© AP Images/Ric Feld

*Мэтью Фокс (солдо) «Биз маршалбыз» (We Are Marshall) аттуу фильмде машыктыруучулардын биринин ролун ойногон. Бул фильмде 1970-жылдардагы авиакатастрофада 75 мүчөсү жана машыктыруучулары каза болгон университеттин футбол командасынын кайра түзүлгөнү тууралуу көңүл эргиткен чыныгы окуя баяндалат.*

*Американыктардын спорттун ар кандай түрлөрүн сүйөрүн чагылдыруу менен АКШнын режиссёрлору спорт темасына көп кайрылышат жана окуяларга караганда андагы негизги идеяларга көбүрөөк маани беришет. Дэвид Ж.Файрштейн – дипломатиялык кызматкер, азыркы учурда АКШ Мамлекеттик департаментинин Чыгыш Азия жана Тынч океан бөлүмүндө иштейт. Үч китептин жана 130га жакын макалалардын автору, Москвадагы мамлекеттик эларалык мамилелер институтунда (МГИМО), Остин шаарындагы Техас университетинде жана Фейрфакстагы (Виржиния штаты) Жорж Масон университетинде сабак берген.*


Спорт жалпысынан улуттун жашоосуна жуурулушуп сиңген Кошмо Штаттардай өлкө дүйнөдө абдан аз, балким, жок да болушу мүмкүн. Спорт америкалыктардын жашоосунун, баарлашуусунун жана лексиконунун ажырагыс бир бөлүгү болуп калгандыктан, атактуу улуттук лидерлердин сөзүнөн спорттук метафоралар көп кездешет жана бул адаттагы көрүнүш болуп эсептелет. Ал турсун АКШнын ядролук күчтөрүн аракетке келтире турган коддор салынган президенттин кичинекей кара портфелин да «футбол тобу» дешет.

Спорттун америкалыктардын жашоосунда негизги орунду ээлей тургандыгы азыркы америкалык фильмдерде кеңири чагылдырылат. АКШнын кинорежиссёрлору он жылдар бою спорт темасын колдонуу менен көңүл эргиткен, курч, толкундаткан жана эсте кала турган америкалык фильмдерди тартып келишти. Бул салт 20-кылымдын биринчи жарымында башталып, азыр да уланууда. Соңку бир нече жылдын ичинде эле Голливуд футбол, баскетбол, бейсбол жана хоккейден баштап, бокс, ат чабыш жана ал турсун, серфингге чейинки спорттун түрлөрү боюнча кеңири белгилүү жана коомчулук кызуу кабыл алган фильмдерди чыгарды. 1970-жылдардын орто ченинен баштап АКШнын төрт спорттук фильми «Оскар» сыйлыгын алды,

алардын эң соңкусу болгон Клинт Иствуддун аял боксчу жөнүндөгү «Миллион долларлык бала» (2004) аттуу фильми төрт «Оскарды» (анын ичинде эң мыкты фильм үчүн да) жеңип алган (эң мыкты фильм «Оскарына» башка эки спорттук фильм да татыктуу болгон). Американын спорттук фильмдеринде американыктардын жашоосу жана адам психологиясынын нюанстары иликтенгени менен, анда американыктар аздектеген баалуулуктар тууралуу да көп нерселер баяндалат.

АКШнын спорттук кинематографиясынын маанилүү темасы болуп келген америкалык футбол спорт көп тартыла баштаган соңку жылдарда бейсболду кууп өттү. Акыркы бир нече жыл көптөгөн олуттуу, мыкты футбол фильмдеринин чыгышына күбө болду. Аларда ар түрдүү темалар иликтенди, буга кыйынчылыктарды жеңүү («Биз маршалбыз», 2006); көздөгөн максатка жетүү үчүн көшөрүп иштөө («Жеңилбес», 2006); артыкчылыктын артынан түшүү («Жума күндүн түнкү жарыктары», 2004); расалык/таптык бөлүнүүнү жоюудагы жана жамаат түзүүдөгү спорттун кудурети («Титандарды эстей жүр», 2000); АКШ профессионалдык спорт индустриясынын одоно коммерциялануусу менен цинизмин спортсмендин тубаса атаандашчыл рухунун жана тазалыгынын жеңип чыгуусу («Бир жекшемби», 1999) мисал боло алат. Темалары ар түрдүү болгону менен, бул соңку фильмдерден футбол жөнүндөгү өзөк идея көрүнүп турат: футбол-бул америкалык жашоонун эң мыкты жана эң так спорттук метафорасы.

Кошмо Штаттарда популярдуулугу боюнча экинчи жана үчүнчү орунду ээлеген баскетбол жана бейсбол тууралуу фильмдер кийин чыккан америкалык фильмдердин арасында салыштырмалуу түрдө аз. Соңку жылдардагы эң ийгиликтүү чыккан баскетболго арналган америкалык фильмдердин экөө тең көңүл эргиткен чыныгы окуялардын негизинде тартылып, расалык ынтымакка («Даңктуу жол», 2006) жана команда менен иштөөгө, өзүн-өзү сыйлоого («Машыктыруучу Картер», 2005) арналган. Баскетболго арналган дагы бир классикалык фильм («Кыял», 1994) спорттук фильмдердин ичинде салыштырмалуу түрдө азыраак тартылган документалдык фильмдердин бири, ал Американын жакыр шаарындагы жашоонун




© AP Images/Tony Gutierrez

*Кен Картер, орто мектептеги баскетбол командасынын машыктыруучусу, өз ишиндеги чыныгы окуяны баяндаган фильмдин афишасында турат. Фильмде машыктыруучу Картердин ролун Семюэл Л.Жексон ойногон.*

толук сүрөттөмөсүн жана кыялдын (жана чыныгы турмуштагы чектөөлөрдүн да) күчүн чагылдырат. Соңку эки баскетболдук фильмде да ушундай эле нерселер иликтенет: терибиз кандай түстө болбосун, социалдык-экономикалык тепкичтин кайсы жеринде



© AP Images/Ed Reinke

*Жокей Гари Стивенс «Галета» фильминде жокейдин ролун ойногон. Сүрөттө ал 2003-жылкы Кентукки ат чабышына даярданууда.*

турбайлы, команда менен болуп, бийигирээк максат койсок, биздин колубуздан баары келет. «Кыял» бизге ушуну баяндайт, эгер андай болсо, ал оңой болбойт. Ошол эле учурда болгон окуяга шыктануу менен тартылган соңку жылдардагы америкалык бейсбол тууралуу фильмдердин негизгиси («Жаш спортсмен», 2002) кыялды ишке ашырууга эч качан кеч болбой турганын жана буга эч нерсе тоскоол боло албасын эске салат.

Голливуд бокска болгон кызыгуусун көптөн бери эле айгинелеп келатат. Соңку жылдарда чыккан бокс тууралуу негизги фильмдердин үчөөндө тең («Рокки Бальбоа», 2006; «Күлчү жигит», 2005 жана «Миллион долларлык бала», 2004) классикалык аутсайдер окуялары чагылдырылат. Бирок «Миллион долларлык балада» бир топ татаалыраак темалар да иликтенет. Аутсайдер темасы (спорттук фильмдерди тарткан америкалык кинорежиссёрлордун түгөнбөс темасы) олимпиадалык хоккей талаасына («Укмуштуу окуя», 2004) жана ат чабышка («Галета», 2003) да жайылып, мында спортсмендер («Галетада» күлүк ат) теңдешсиз таймаштарда таң кала турган жеңиштерге жетишет.

Бул фильмдердин бардыгы америкалык баалуулуктарды баяндайт, бирок алар чет элдик көрүүчүлөргө да таасир этет. Анткени бул фильмдер спорт жөнүндө гана эмес, ар бирибиздин спорт талаасын эңсеп умтулган, баш-отубуз менен берилген жан-дүйнөбүздүн бөлүгү, кыялдарыбыз тууралуу көбүрөөк баяндайт.

---

*Спорт менен америкалык коомчулуктун карым-катышы жөнүндөгү маалыматты төмөнкү даректен караңыз: http:// usinfo.state.gov/journals/itsv/1203/ijse/ijse1203.htm.*

# Америкадагы чет элдик кино

Тимоти Корриган




© AP Images/Mark Avery

*Гильермо дел Торонун «Пандын лабиринти» аттуу фильми 2007-жылы «Оскар» сыйлыгына көрсөтүлгөн чет элдик фильмдердин бири болгон. Ал үч номинация боюнча «Оскар» сыйлыгын алган.*

*Чет элдик фильмдердин өзгөчөлүгү менен айырмачылыгы быйыл Кошмо Штаттарда жогорку деңгээлге жетти, бирок эларалык кинематографы өнүгүүнүн узак жолун басып өттү. Автор бул феномендин келип чыгышын иликтөө менен «эмне үчүн Америкада коюлган фильмдерге барган сайын көбүрөөк басым жасалып жатканын» талкуулайт. Тимоти Корриган Филадельфиядагы Пенсильвания университетинин англис тили кафедрасынын профессору жана кинематография бөлүмүнүн башчысы. Ал бир нече китептин автору, алардын ичинде Патриция Уайт менен бирдикте жазган «Кино искусствосунун тажрыйбасы» (2004) аттуу эмгеги бар.*


2007-жылы февралда 79-жолу өткөрүлгөн «Оскар» сыйлыгын тапшыруу аземинин эң кызыктуу өзгөчөлүгү, сыягы, үч мексикалык фильмдин: Алехандро Гонзалес Иньярриттунун «Вавилон» Альфонсо Куарондун «Атанын балдары» жана Гильермо дел Торонун «Пандын лабиринти» аттуу фильмдеринин бир нече номинация боюнча көрсөтүлүшү болду. Булардын акыркысынын гана эң мыкты чет элдик фильм катары аталышы жана башка бир нече чет элдик фильмдердин негизги категориялар боюнча сыйлык алуусу Голливуддун фильм баалоону дүйнөлүк масштабда жүргүзгөндүгүн далилдеп турат. Мисалы: эң мыкты актриса номинациясына Элен Миррендин британиялык «Королева» үчүн жана Пенелопа Круздун испаниялыктардын «Кайтып келүү» аттуу фильми үчүн көрсөтүлүшкөн. Голливуддун 2007-жылкы «Оскар» сыйлыгын тапшыруу аземиндеги чет элдик миграциянын киришинин дагы бир далили быйылкы жылдын эң мыкты фильми жана кинорежиссёру сыйлыгын алган Клинт Иствуддун «Иводзимадан келген каттар» аттуу фильми башында япон тилинде чыккандыгында.

Албетте, азыркы «чоң» дүйнө көп жагынан жакын жана тааныш болуу менен азыраак эле өзгөрдү, айталы, «Боздогон төө баяны» (The Story of the Weeping Camel, 2003) аттуу фильмдеги Монголиянын ландшафты сыяктуу экзотикалык жерлерди жана элдерди көрсөтүү аудиторияны кызыктыруунун салттуу элементи бойдон кала берүүдө. Бирок башка маданиятты чагылдырган Америкада коюлган фильмдердин артында башка, алда канча конкреттүү күчтөр турат.

## Эларалык рыноктун пайда болушу

Кошмо Штаттардагы чет элдик фильмдер быйыл өзгөчө байкалганы менен, Американын башка

кино маданияттары менен болгон татаал карым-катышын жаңы деп айтууга болбойт. 1895-жылы Францияда биринчи жолу кинофильм көрсөтүлгөндөн тартып, кинематографиянын тарыхындагы негизги кыймылдаткыч күч АКШнын киномаданияты менен чет элдик кинокомпаниялар жана театрлардын ортосундагы таймашуулар жана сүйлөшүүлөр болуп келген. Кинокамераны ойлоп тапкан америкалык Томас Эдисондун жетекчилиги менен 1908-жылы кинофильмдерге патент берүү компаниясынын түзүлүшү чет элдик фильмдердин Кошмо Штаттарда жайылтылышын чектөөгө багытталган болчу. Кийинчерээк Биринчи дүйнөлүк согуштун натыйжасында жана Америка киноиндустриясынын дүйнөлүк үстөмдүгүнүн өсүшү менен, Голливуддун глобалдашуусу начарлап турган Германиянын экономикасына жетип, натыйжада 1926-жылы Паруфамет келишимине кол коюлган. Американын киностудиялары «Парамоунт» жана «MGM» менен Германиянын киностудиясы «Уфа» Голливуддун немис кинорыногуна кирүүсүнө жетишүү менен эле чектелбестен, немис таланттарынын Кошмо Штаттарга келүүсүн да макулдашкан. Алардын ичинде «Касабланканын» режиссёру Майкл Кертис менен швед киножылдызы Грета Гарбо бар эле.



© AP Images/Katsumi Kasahara

*Клинт Иствуддун «Иводзимадан келген каттар» (Letters from Iwo Jima) аттуу фильми адегенде япон тилинде болгондугуна карабастан чет тилдеги фильм катары каралган эмес.*

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Американын маданий экспансиясынын күчөшү менен, 1948-жылы Парамоунт чечими кабыл алынып, ал Америка киномаданиятын акырындык менен, бирок олуттуу түрдө өзгөртүүгө жана бүгүнкү эларалык кинематография тармагын баштоого негиз болду. Бул чечим Голливуддун башкы киностудияларынын Американын рыногундагы монополиясын бузду. Натыйжада, 1950-жылдардан баштап 1960-жылдардын башына чейинки мезгилде АКШнын көзкарандысыз киностудияларынын продукциялары жана чет элдик фильмдер АКШнын кинотеатрларына кире баштады. Башында швециялык Ингмар Бергман, франциялык Франсуа Трюффо жана италиялык Микеланжело Антониони жана башкалар турган чет элдик фильмдердин бул кубаттуу толкуну өсүп келаткан жаштарды жана башка маданиятка кызыккан интеллектуалдуу аудиторияны кызыктырды, ошентип, соңку бир нече он жылдыктын ичинде бул кызыгуу АКШнын жалпы аудиториясына жайылды.

Голливуддун рыногуна жасалган дүйнөлүк экспансиянын согуштан кийинки тенденциялары жана андан кийинки эларалык кинематографиянын Америкадагы популярдуулугу жана тез жайылып баратышы мунун өзүнчө бир экономикалык жана технологиялык себептери менен формалары бар деген ойго түртөт. Сыягы, азыркы эларалык кинофестивалдардын болуп көрбөгөндөй көбөйүүсү чет элдик фильмдердин эларалык рынокко, өзгөчө чоң киреше берүүчү Американын кинотеатрларына жана DVD чөйрөсүнө чыгып, колдоого алынышында негизги кыймылдаткыч күч болду.

Алгачкы кинофестиваль, азыр да таасирин жогото элек Венеция кинофестивалы, 1932-жылы негизделген жана бүгүнкү күндө Канн менен Берлинден тартып Торонто менен Теллуридге (Колорадо штаты) чейин жайылган фестиваль айлампасында 400дөн 1000ге чейинки программалар дүйнө боюнча тартууланат.


© AP Images/Keystone/Martial Trezzini

*Ар түрдүү өлкөлөрдөн келген көрүүчүлөр Локарнодогу (Швейцария) кинофестивалда.*

Италиядан келген «Жашоо сонун» (1998) жана Германиядан келген «Чурка, Лола, чурка» (1998) сыяктуу фильмдер бул фестивалдарда сыйлык алары менен, эларалык рынокко кирип жатат. Алгачкы Венеция кинофестивалы башында өзүнүн маданиятына жана башка улуттук маданияттарга фильмдер аркылуу колдоо көрсөтүү максатын койгондой эле, бүгүнкү фестивалдар да көбүнчө улуттук кинематографиялардан тышкаркы маданияттарга көпүрө болуу милдетин аткарат. Ал эми Голливуд болсо дүйнөлүк сындын барометри болуу менен ошол эле учурда чаканыраак, чыгармачыл фильмдерге каржы топтоп, аларды жайылтууга жардам берет.




*Торонто кинофестивалынын айрым фильмдерин көрүү үчүн кезекте тургандар.*

Буга азыркы Иран жана Корея кинематографиясы мисал боло алат. Өз мекенинде азыраак колдоого же популярдуулукка ээ болгон Аббас Киаростаминин «Гилас даамы» аттуу фильми 1997-жылы Каннда баш байгени алган соң, азыркы Иран фильмдери Европа менен Кошмо Штаттарга агылып кире баштады. «Азиянын өзгөчө киносунун» абдан ийгиликтүү чыккан үлгүсү болгон Пак Чан-вукстун «Олд бой» (2003) тасмасы Гонконг, Канн жана Стокгольм кинофестивалдарында көптөгөн сыйлыктарды алды жана Кошмо Штаттарга жайылтылуу менен чектелбестен, «Нью-Йорк таймска» Пак жөнүндө макалалардын чыгуусуна себеп болду. Фестивалда таанылып калгандыктан, Хоу Хсиаосиендин 1993-жылкы «Куурчакчы» жана 1998-жылкы «Шанхай гүлдөрү» сыяктуу фильмдери каржылык жактан колдоого ээ болуу менен Кошмо Штаттарда белгилүү болуп калды. Ал эми бразилиялык кинорежиссёр Уолтер Сейлистин «Борбордук станция» (1998) аттуу тасмасы Санданс кинофестивалында байге жеңип алары менен Америкада жолу ачылды.

## Көрүүчүлөрдү тарбиялоо

Ушул фильм таанытуунун жаңы булактары жана оолдон оозго өтүп мактоого алуу чет элдик фильмдердин Кошмо Штаттарга агылып киришиндеги экинчи маанилүү фактор болду, атап айтканда: 1990-жылдан баштап жаңы көзкарандысыз кинонун өсүп бараткан популярдуулугу жана кирешелүүлүгү жана чет элдик фирмалардын бул багытта алдыга чыгышы буга түрткү болду. «Мирамакс» сыяктуу компаниялар тарабынан колдоого алынган Квентин Тарантинонун жана Жим Жармуштун фильмдери көрүүчүлөргө, Голливуддун эски формулаларынан айырмаланган жаңы окуялар менен стилдерди тартуулады. Өзгөчө адаттан тыш жана жаңыны эңсеткен бул табит 1990-жылдары калыптанган соң, бул компаниялар адатта кинофестивалдар аркылуу чет элдик фильмдерди атайын көздөлгөн көрүүчүлөр үчүн импорттоону жана кээде аларды кайра иштеп чыгууну үйрөнүштү. «Катаал оюн» (1992) жана «Почтальон» (1994) сыяктуу фильмдер АКШнын рыногунда чет элдик фильмдердин арасында кирешелүүлүк боюнча рекорд коюшту. «Катаал оюн» мыкты уюштурулган жарнак кампаниясынын үлгүсү болуп саналат, мында Ирландия республикалык армиясынын террористи жөнүндөгү англиялыктардын ортозаар фильми АКШнын секс жана жашыруун сырлар тууралуу мини-блокбастерине айландырылган.

«Мирамакс» сыяктуу компаниялардын ийгилигине умтулган АКШнын башкы кинокомпаниялары көзкарандысыз жана чет элдик фильмдерди таап, жайылтуу максатында өздөрүнүн «атайын бөлүмдөрүн» түзүштү. Мындай бөлүмдөрдүн бири, мисалы, «Сони пикчерс классикс» Чжен Йимоунун романтикалуу мушташ фильми «Учма канжарлардын үйү» (2004), испаниялык Педро Альмодовардын «Кайтып келүү» (2006) аттуу кызыктуу фильмин, Майкл Ханекенин франциялык-австриялык-германиялык «Жашыруун кампа» (2005) аттуу триллерин жайылтууда. «Твентис сенчери фокс» түзгөн «Фокс сөчлайт» компаниясы «Бекхем сыяктуу ойно» (2002) жана «Чыр-чатак тууралуу эскерүүлөр» (2006) деген сыяктуу абдан ийгиликтүү чыккан англиялык фильмдерди сунуш кылууда.

Бул багыттагы продукция жана аны жаратуучулар сыяктуу эле азыркы фильмдер да барган сайын, ар түрдүү эларалык компаниялардын биргелешүүсү менен тартылууда жана мунун өзү алардын дүйнө жүзүнө жана Кошмо Штаттарга кеңири жайылтылышына өбөлгө түзүүдө. Биргелешип иштөө көп учурда АКШ компанияларына чет элдик фильмдерде башынан баштап иштөөгө жана Кошмо Штаттарда фильмдин англис тилинде чыгышына жеңилдиктерди берет. 1926-жылкы Паруфамет келишими сыяктуу эле, фильмди биргелешип тартуу жана каржылоо кинорежиссёрлорду, продюсерлерди, техникалык адистерди жана Роберт Бенини, Энг Ли, Гильермо дел Торо, Рутгер Хауэр, Пенелопа Круз

жана Майкл Болхаус сыяктуу киножылдыздарынын биргелешип иштөөсүнө өбөлгө түзөт. Мындай биргелешүүнүн натыйжасында жанрлар менен сюжеттердин аралашмасы пайда болуп, таза америкалык болбосо да, америкалыктардын табитине ылайыкташкан «эларалык» стиль, Люк Бессондун «Никита» (1990) аттуу триллериндеги сыяктуу, даана сезилип турат.

Муну менен мен азыркы чет элдик фильмдер Американын стилине жөн гана ыңгайлашып кетти деп айткым келбейт. Тескерисинче, башка улуттардын кинематографтары Американын көрүүчүлөрүнө Голливуддун формулаларынан башкача окуялар менен



© AP Images/Paul Sakuma

*«Нетфликс» DVDлерди почта аркылуу жайылтуу менен үй видеосунда кескин бурулуш жасады.*

каармандардын жаңы түрлөрүн көрсөттү. «Оскар» сыйлыгын алган «Аварияны» (2005) же анын сын менен кабыл алынышын Иньярритунун «Аморес перрос» (2000) сыяктуу чыгаан эмгегисиз элестетүүгө мүмкүн эмес.

## Цифралык технология менен жайылтуу

Америкалык кинематографияга басым жасоонун соңку жана эң заманбап фактору фильм тартуудагы жана жайылтуудагы цифралык технологиялар болуп эсептелет. Азыркы жана жакынкы келечекте цифралык технологиядан улам 1970-80-жылдардагы үй видеосу камсыз кылган эркиндиктер менен ачылыштар эми заманбап DVD жана интернет аркылуу жайылтуунун жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө өттү. Видеокассеталар менен DVD дисктер сатылышы боюнча кинотеатрлардагы билеттерден эчак эле өтүп кеткенине карабастан, ушул өзгөрүүдөн улам, видеокассеталар менен DVD дисктер чет элдик фильмдерге ачык рынокту камсыз кылып жатканы анчалык эске алынбай келе жатат. Чет элдик фильмдердин көпчүлүгү кинотеатрларда сейрек коюлса (абдан чектелүү кинотеатрларды эске албаганда), цифралык технологиянын экспансиясы аркылуу ишке ашып жаткан үй видеосунун экспансиясы барган сайын чет элдик фильмдердин


© AP Images/Jae C. Hong

*Азыр фильмди чөнтөк телефондон да көрсө болот.*

бардык көрүүчүлөргө жетүүсүнө мүмкүнчүлүк берип, андан да олуттуусу, жайылтуучулардын DVD дисктер аркылуу жергиликтүү элдин кызыгуусуна жараша, мисалы, азиялык, европалык же африкалык фильмдерди жайылтуусуна шарт түзүүдө.

Индиянын киноиндустриясы, «Болливуддун» фильмдери, өзгөчө ынанымдуу мисал болуп эсептелет. Жейн Остиндин «Сыймык жана сокур ишеним» аттуу романынын негизинде индиялыктардын «Келин жана сокур ишеним» тасмасы 2004-жылы бүт өлкө боюнча коюлду, ал эми Мира Наирдин соңку фильмдери, анын ичинде «Монсундун үйлөнүү тою» (2001), акыркы 15 жылдын ичинде Кошмо Штаттарда жакшы сын-пикирлерге ээ болуп, экономикалык кирешелерди алып келе жатат. Ошентип, дал ушул ар түрдүү индиялык жана башка чет элдик фильмдердин интернет аркылуу элге кеңири, ачык жетип жатышы Америкадагы кинематографиянын көп түрдүүлүгүн камсыз кылууда. «Нетфликс» тармагы жүргүзүп жаткан керектүү фильмдерди интернет аркылуу заказ берүү жана почта аркылуу алуу сыяктуу кызматтар, ошондой эле фильмдерди интернеттен көчүрүп алуунун улам өсүп жатышы фильмдерди тандоону бир кыйла кеңейтет. Мындай романтикалык жана утопиялык тенденцияга каршы туруу кыйын, демек, кинематография, 1895-жылдагыдай эсперанто универсалдык тили сыяктуу болбосо да, биздин үйүбүз менен коомубуздагы көп тилдүү диалог болору бышык.

---

*Журналдарда айтылган пикирлер сөзсүз эле АКШ өкмөтүнүн көз карашын же саясатын чагылдырбайт.*

# Кошмо Штаттардагы кинофестивалдар

Кэроли Уолкер




Courtesy of Aspen Film, photo by Steve Mundinger

*Эл 2006-жылкы Оспен кинофестивалынын (Колорадо штаты) ачылышын күтүүдө.*

*Кинофестивалдарга болгон коомчулуктун кызыгуусу жана колдоосу Кошмо Штаттарда барган сайын өсүүдө жана мунун өзү жаңы кинорежиссёрлордун элге таанылышына мүмкүнчүлүк берип, элге ар түрдүү оюн-зоокторду тартуулоодо. Кэроли Уолкер – АКШ Мамлекеттик департаментинин эларалык маалымат программалар бюросунун өз кабарчысы.*

Кошмо Штаттардын өзүндө эле 300дөн ашуун кинофестиваль өткөрүлүп, көрүүчүлөр кинофестиваль болбогондо киноэкранга чыкпай калышы да мүмкүн болгон кыска жана толук метраждуу фильмдер менен таанышат. Кинофестивалдар ошондой эле көзкарандысыз кинорежиссёрлорду, өзгөчө жаш, жаңы эле окууну аяктаган актёрлорду элге таанытуу менен алардын эң соңку эмгектерин жана мыкты деген документалдык фильмдерин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет жана мунун өзү алардын фильм индустриясындагы кийинки карьераларына оң таасирин тийгизет.

Кинофестивалдар эки маанилүү максатты көздөйт: биринчиден, алар көзкарандысыз кинорежиссёрлорду элге таанытат, ушундан кийин гана киностудиялар аларды коммерциялык фильмдерди тартуу үчүн жумушка чакырат. Экинчиден, алар кинематография энтузиасттары менен жергиликтүү аудиториянын пикир алышуусуна мүмкүнчүлүк берет. Кинофестивалдар масштабы жана формасы жагынан ар түрдүү, алардын катарында эларалык деңгээлде белгилүү болгон Франциядагы Канн кинофестивалы менен Юта штатындагы Санданс кинофестивалынан тартып, анча белгилүү болбогон Питсбургдагы (Пенсильвания штаты) «Жибек экраны» деген азиялык америкалыктардын кинофестивалы менен Портленддеги (Орегон штаты) Африкалык фильмдердин Каскад фестивалына чейинки кинофестивалдар бар. Айрым фестивалдар ондогон жылдар бою өткөрүлүп келатса, башкалары, үч жылдан бери өткөрүлүп келаткан «Окуя болгон жерде» кинофестивалы сыяктуу, жаңы гана калыптанып келатат. Аты аталган кинофестиваль БУУнун демөөрчүлүгү менен өткөрүлүп, мында жогорку сапаттагы фильмдер көрсөтүлүү менен бирге эле, дүйнөлүк проблемаларды чагылдырган документалдык фильмдер да көрсөтүлөт (бул боюнча кеңири маалыматты төмөнкү даректен таба аласыз: *http://www.mcainy.org/common/11040/ ?clientID=11040*).

Көпчүлүк кинофестивалдарда жюри менен аудитория биргелешип туруп, айрым фильмдерди жана кинорежиссёрлорду сыйлыкка көрсөтөт, бирок конкурска катышпаган фильмдер да көрсөтүлүшү мүмкүн. Адатта, бул фильмдерди жайылтуучуларга сатуу үчүн, көзкарандысыз кинорежиссёрлор менен аты чыга элек актёрлорду элге таанытуу үчүн жасалат. Жыл сайын «Оскар» сыйлыгын ыйгаруучу Кинематография искусствосу жана илими академиясы Кошмо Штаттарда жана дүйнө жүзүндө өткөрүлгөн 60 кинофестивалдын баш байгесин таанийт жана алардын арасынан эң мыкты көркөм жана документалдык фильмдерге «Оскар» сыйлыгын ыйгарат.

Кинофестивалдар барган сайын өзүнчө бир даңазалуу аземге айланып, аны ийгиликтүү уюштургандардын көбү кинематография энтузиасттарынын акы төлөп мүчө болушуна жетишип, фестивал координаторлорун тандашат. Американыктар буга жоопкерчилик менен мамиле жасашат жана жыл сайын мүчөлүк акыны маалында төлөп турушат. Көп учурларда мүчөлүк кино сүйүүчүлөрдү алдын ала билет сатып алууга милдеттендирет. Кошмо Штаттарда чет элдик фильмдерди көрүү мүмкүнчүлүгү американыктарды кинофестивалга мүчө болууга кызыктырат. Фильмди көрсөтүүгө келген кинорежиссёрлор менен актёрлор көп учурда семинарларга катышуу менен майрамга кошулушуп, коомчулук менен уюмдарга зарыл колдоо көрсөтүшөт.  Кинофестивалдарга коомчулуктун кызыгуусу жана активдүү катышуусу жергиликтүү бизнес менен чоң компанияларга демөөрчүлүк иш үчүн кеңири мүмкүнчүлүк берет.

Америка кино искусствосу жана илимдери академиясынын кинофестивалдарынын тизмеси төмөнкү даректе: *http://www.oscars.org/80academyawards/rules/rules_shortfest.html.*

## Кинотеатр кассасынын цифралары

Американык кино ассоциациясы (The Motion Picture Association of America (АКА)* 24-беттик билдирүү даярдап, анда, негизинен, таблицаларды жана диаграммаларды пайдалануу менен кинотеатр кассасынын цифраларын эсептеп чыкты. «АКШнын 2006-жылкы кинотеатр рыногунун статистикасы» деп аталган бул билдирүүнү төмөнкү даректен караңыз: *http://www.mpaa.org/2006-US-Theatrical-Market-Statistics-Report.pdf.*

**Билдирүүнүн эң маанилүү жерлери төмөнкүлөр:**

- 2001-жылы АКШ киноиндустриясынын жалпы кассалык кирешеси 16,96 миллиард болуп, анын дээрлик жарымы, 8,41 миллиарды АКШ көрүүчүлөрүнөн, калганы эларалык аудиториядан түшкөн.

- 2006-жылы АКШ киноиндустриясынын жалпы кассалык кирешеси 25,82 миллиард болуп, анын анын үчтөн бири, 9,49 миллиарды АКШ көрүүчүлөрүнөн, калганы эларалык аудиториядан түшкөн. Өлкө ичиндеги жана чет элдик билет сатуу өскөн, бирок чет элден түшкөн киреше көбүрөөк өскөн.

- 2006-жылы биринчи жолу бир эле фильм («Кариб деңизинин каракчылары») өлкө ичинде 400 миллион доллар киреше алып келген. 50 миллиондон 99 миллион долларга чейин киреше берген фильмдер 2005-жылкы 36 фильмден 2006-жылкы 45 фильмге чейин өскөн. Жалпысынан, 50 миллион доллардан ашуун киреше берген фильмдердердин саны 2005-жылкы 56 фильмден 2006-жылкы 63 фильмге чейин көбөйгөн.

- Кошмо Штаттардан чыккан фильмдердин саны:

| | |
|---|---|
| 1996 | 420 фильм |
| 2002 | 449 фильм |
| 2005 | 535 фильм |
| 2006 | 599 фильм |

- Киносүйүүчүлөр үйүндө альтернативдик техникасы бар болсо да киного барышууда. Төрт же андан ашык техникасы (DVD плейер, спутник телекөрсөтүү ж.б.) бар же алардан пайдалана ала тургандар да жылына болжол менен 10 жолу кинотеатрга барышат.

- 2006-жылы киного киргендердин саны жыл бою көп болуп, болжол менен 1,5 миллиард билет сатылган.

*АКА – алты чоң киностудия тарабынан түзүлгөн киноиндустриясынын кызыкчылыгы үчүн иштөөчү коммерциялык эмес уюм. Өзүнүн веб-сайтында *[http://www.mpaa.org/]* АКА өзүн «Американык фильмдин, телекөрсөтүүнүн жана телеиндустриянын үнү жана коргоочусу» катары сыпаттайт.

# Жаш кинорежиссёрлордун сүрөт галереясы



© AP Images/Francois Mori

## Миранда Жулай

Миранда 1974-жылы туулган. Анын расмий веб-сайтындагы *[mirandajuly.com/about]* маалымат боюнча «Миранда Жулай (Жулай анын чыныгы фамилиясы эмес) -  кинорежиссёр, актриса жана сценарист. Ал Берклиде (Калифорния штаты) өскөн жана өз карьерасын пьесаларды жазып, аларды жергиликтүү панк-рок клубда коюу менен баштаган. Жулайдын видеофильмдери, пьесалары жана интернет долбоорлору Нью-Йоркто жайгашкан Искусство музейи, Гуггенхайм музейи жана 2002 жана 2004-жылдары Уитни музейинде тартууланган. Анын кыска көркөм чыгармасы «Парис ревью» менен «Нью йоркерде» жарыяланган жана анын аңгемелер жыйнагы 2007-жылы май айында «Скрибнер» басмаканасынан жарыкка чыгат. Жулай сүрөтчү Харрелл Флетчер менен биргелешип *«learningtoloveyoumore»* орток веб-сайтын чыгарган, алардын авторлош китеби 2007-жылдын күзүндө «Престел» тарабынан чыгарылат. «Мен, сен жана биз тааныгандар» (*Me and You and Everyone We Know*, 2005) аттуу алгачкы толук метраждуу фильминин сценарийин өзү жазып, өзү тарткан жана негизги ролду ойногон. Бул фильм Санданс кинофестивалында жюринин атайын сыйлыгына ээ болгон жана Канн кинофестивалында төрт сыйлыкты, анын ичинде «Алтын камера» сыйлыгын жеңип алган. Жулай жакында жаңы пьеса койду; азыркы учурда экинчи фильминин үстүнөн иштөөдө. Ал Лос-Анжелесте жашайт.

## Изабелла Койшет

Кинорежиссёр, сценарист, продюсер жана кээде актриса боло калган Койшет 1960-жылы Испанияда туулган. Коллеждин тарых бөлүмүн аяктаган соң, Изабелла Койшет карьерасын жарнактан баштаган. Акырында анын фильм тартууга болгон кызыгуусу жарнак иши менен аралашып, ал кинокомпания түзгөн. Койшет Испаниянын, Канаданын, Франциянын жана Кошмо Штаттардын компаниялары менен бир нече тилдерде фильмдерди тарткан. Анын алгачкы англис тилиндеги фильми «Сага эч качан айтпай турган нерселер» 1996-жылы тартылып, анда америкалык актёрлор тартылган. Ал эки жолу Испаниянын Гойа сыйлыгына көрсөтүлгөн жана анын фильмдери көптөгөн кинофестивалдарга, анын ичинде Санданс кинофестивалына киргизилген.



© AP Images/Daniel Ochoa de Olza



© AP Images/Michel Spingler

# Энни Сандберг

Реалити телекөрсөтүү, документалдык фильм, кыска метраждуу фильм, драма жана көзкарандысыз фильм жанрларында иштөө менен, бул сценарист, кинорежиссёр, продюсер жана кинооператор бир катар сыйлыкка ээ болгон фильмдерди чыгарган. Жаңылыш айыпталып, көп жылдар бою түрмөдө отурган афро-америкалык адамдын окуясынын негизинде 2006-жылы тартылган «Дэрил Ханттын сот процесстери» деген фильми «Көзкарандысыз рух» сыйлыгына жана Санданс кинофестивалынын баш байгесине көрсөтүлгөн. Дарфурдагы мыкаачылыкты чагылдырган «Азезил атчан келет» аттуу фильми 2007-жылы чыгат.

Дартмут коллежинин бүтүрүүчүлөрүнүн веб-сайттагы маалыматтары боюнча *[alum.dartmouthentertainment.org/newsanddocs.html]* Энни Сандберг Түштүк Бронкстагы бокс сүйүүчүлөрдүн дүйнөсү жана андагы жаш уландардын жашоосу тууралуу документалдык фильмди биргелешип тарткан жана ал «Пи-Би-Эс» телеканалынын «Көз караш» сыйлыгына татыктуу болгон сериянын ичинде көрсөтүлгөн (1999).

Анын телекөрсөтүүдөгү эмгектеринин ичинде «Артс энд энтертейнмент нетворк» компаниясы тарабынан көрсөтүлгөн «Үй-бүлө чыр-чатактары» аттуу документалдык фильмдердин сериясы бар. Ал продюсер жана кинорежиссёр катары «Нью-Йорк таймс телевизион» компаниясы үчүн «Эми ким кожоюн» сериялын баштаган. Сандберг айым продюсер катары, 1996-жылы «Хоум бокс офис» жана АКШ Холокост эскерүү музейи менен биргелешип, «Оскар» жана «Эмми» сыйлыктарына татыктуу болгон «Аман калган кишинин эскерүүлөрү» аттуу фильмди чыгарган. 1995-жылы «Паблик бродкастинг сервис» үчүн 10 бөлүмдөн турган «Америка кино долбоорунун тарыхы» аттуу фильмди тарткан. Кинодогу эмгек жолун «Мирамакста» рецензент болуп баштагандыктан, эркин сценарист жана продюсер болуп эмгектенет. Кениядагы Улуттук лидерлердин мектебинде жайкы семестрди аяктаган соң, Сандберг айым Найробидеги Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын алкагында англис тилин окуткан. Ал Дартмут коллежин бүтүрүп, англис адабияты боюнча гуманитардык илимдердин бакалавры деген илимий даража алган.



© AP Images/Markus Schreiber

## Сара Полли

Канадада туулуп өскөн Сара өз карьерасын бала кезден эле кинодо жана телекөрсөтүүдө иштөө менен баштаган. Ал, негизинен, көзкарандысыз фильмдерге тартылуу менен, ар түрдүү трагедияларга туш болгон каармандардын ролун ойногон. Изабелла Койшеттин «Сага эч качан айтпай турган нерселер» жана «Сөздөрдүн купуя жашоосу» аттуу эки фильминде тартылган. Соңку мезгилдерде Полли фильм тартууга өтүп, көбүнчө Канаданын телекөрсөтүүсү үчүн иштейт. Жыйырма тогуз жаштагы Сараны социалдык темаларга терең ойлонот деп мүнөздөшөт, жана ал баш тарткан ролдор тандап алган ролдору сыяктуу эле, көптөгөн ой-пикирлерди жараткан. Торонтодо жашаган Полли Канадада жана Кошмо Штаттардын фестивалдарында актёрдук чеберчилиги үчүн сыйлыктарга татыктуу болгон.

2007-жылы май айында Американын кинотеатрларында «Андан алыс» *(Away From Her)* аттуу фильм коюлуп, ал Поллиге Альцгеймер оорусу менен ооруган жубайлардын сүйүү окуясын чебер койгон кинорежиссёрдун атак-даңкын алып келди. Поллинин көптөн үмүткөр кылган карьерасы жаңы бурулушка кирди.



© AP Images/Diane Bondareff

## Альфонсо Куарон

Альфонсо Куарон 1961-жылы Мексикада туулган жана ошол жерде окуган. Ал Мексикада англис тилинде тартылган фильмдерде иштөө аркылуу тажрыйба алган. Бир нече жылдан кийин балдардын классикалык чыгармасы болгон «Кичинекей канзада» менен Чарльз Диккенстин «Чоң үмүттөрүнөн» Ж.К.Роулингдин «Гарии Поттер жана Азкабандын туткунуна» чейинки көркөм чыгармаларды экрандаштыруу менен, бир катар фильмдерди тарткан. 2007-жылы анын фильмдеринен экөө кеңири белгилүү болду. Булар: өзү продюсери болгон «Пандын лабиринти» жана көркөм чыгарманын негизинде сценарийин биргелешип жазган жана режиссёру болгон «Атанын балдары». «Пандын лабиринти» бир нече категория боюнча «Оскар» сыйлыгына жана Британия кино жана телекөрсөтүү искусствосу академиясынын сыйлыгына көрсөтүлүү менен бир нече сыйлыктарды жеңип алган. «Атанын балдары» да Куаронго сценарийи жана режиссёрлугу үчүн бир нече сыйлыктарды алып келген. «Пандын лабиринти» анын кинокомпаниясынан чыккан. Куарон менен анын достору жана жердештери Гильермо дел Торо менен Алехандро Гонзалес Иньярриту көп учурда Мексиканын азыркы дүйнөлүк киного салым кошуусуна жардам берген чеберлери катары аталышат. Азырынча киностудиялар беките элек, бирок Куарон «Гарри Поттерге» кайрылып, сериянын акыркы фильмин тартат деген сөздөр бар. Билдирүүлөргө караганда, ал «Гарри Поттердин» биринчи фильмин тартып жаткан эки жыл өзү үчүн абдан бактылуу болгонун жана азырынча жарык көрө элек жаңы китептин мазмуну ылайык келсе, бул ишке жан-дили менен кайрыларын айткан.



© AP Images/Jim Cooper

## Ной Баумбах

Ной Баумбах 1969-жылы туулган. Ал сценарий жазып, режиссёрлук иш менен алектенген жана көптөгөн фильмдерде ойногон. Анын коллежди бүтүргүсү келбеген достор жөнүндөгү алгачкы «Тебүү жана кыйкыруу» фильми 1996-жылы Нью-Йорктогу кинофестивалда сыйлыкка татыктуу болуу менен ага карата көптөгөн мактоо сөздөр айтылган. 1990-жылдардын аягындагы бир нече фильмден кийин ал 2005-жылы «Кальмар жана кит» аттуу фильми чыкканга чейин, көбүнчө, сценарий жазып жүрдү. Негизинен автобиографиялык мүнөздөгү бул фильмде Лаура Линни менен Жефф Дэниелс тартылып, «Көзкарандысыз рух» жана «Оскар» сыйлыктарына көрсөтүлгөн. Анын «Марго үйлөнүү тоюнда» аттуу эң жаңы фильми 2007-жылы чыкмакчы; анда Николь Кидман, Женнифер Жейсон Ли, Жек Блэк жана Жон Туртурро тартылган. Анын Уэс Андерсон менен биргелешип тарта турган фильми «Укмуш мистер Фокс» аттуу фильми азыр өндүрүштө. Алардын мындан мурунку фильми «Стив Зиссоу менен суда жашоо» 2004-жылы чыгып, анда Билл Мюррей жана Оуэн Уилсон тартылган. Баумбах сценаристтин жана сынчынын үй-бүлөсүндө туулуп, Нью-Йоркто өскөн.

## Габриэль Муччино

1967-жылы туулган Габриэль Муччино Римдеги кинематография окуу жайын бүтүргөн соң, өз мекени Италияда мыкты кинорежиссёр катары таанылган. Анын «Акыркы өбүшүү» аттуу фильми 2002-жылы Санданс кинофестивалында сыйлыкка татыктуу болуп, анын талантын американыктарга таанытуу менен фильм тартуунун кийинки этабына жол ачкан. Анын англис тилинде тартылган фильмдери абдан ийгиликтүү чыккан, алардын ичинде актёр Уил Смитке «Оскар» номинациясын алып келген 2006-жылкы «Бакыттын артынан түшүү» фильми бар. Азыр Муччино телесериалдарды тартуу менен бирге Кошмо Штаттардагы иммиграниттардын сүйүүсүн баяндаган «Эркек менен аял» жана Жим Кэрри менен Камерон Диас тартыла турган «Кесепетсиз оюн» аттуу фильмдерине даярдык көрүүдө.



© AP Images/Matt Sayles

# Тайлер Перри

1969-жылы Нью-Орлеанда (Луизиана штаты) туулган Тайлер Перри балалык кезинде жакырчылыкты, мыкаачылыкты жана жокчулукту көрүп өскөн. 1990-жылы Опра Уинфринин телешоусун көрүп отуруп, адам өз башынан өткөргөн кыйынчылыктарды жеңүү үчүн аларды жаза жүрүшү керек деген Уинфринин кеңешин уккан. Перринин жазгандары акыры жүрүп, анын алгачкы пьесалары болуп калды. Бүгүн далай сыйлыктардын ээси болгон драматург, сценарист, актёр, продюсер жана кинорежиссёр, адегенде, өз пьесалары жана афро-америкалыктардын күндөлүк жашоосундагы кыйынчылыктарын баяндаган фильмдери менен белгилүү болгон. Өз пьесаларынын бирин экрандаштырууда Перри үч ролду ойногон, ошондон бери ал фильмдерге тартылып келет.



© Erin Patrice O'Brien



Courtesy of Liongate, photo by Alfeo Dixon

*Оңдо: Тайлер Перри «Мадеянын үй-бүлөсүнүн чогулуусу» (Madea's Family Reunion, 2006) фильминдеги Мадеянын ролунда.*

Афро-америкалыктардын шаардык театр салттарына таянган Перринин фильмдери адеп-ахлакка үндөгөн пьесалар катары мүнөздөлөт жана алар көп учурда акылы жана абийири менен башка каармандарды юмор менен баштап жүргөн аялдардын образын чагылдырат. Перри «Мадея» деген ылакап атка конгон бул образды жаратууда апасынан жана эжесинен таасирленген жана анын ролун өз жамаатынын жана жалпы эле афро-америкалыктардын маданиятына мүнөздүү болгон юмор менен ойногон.

Мадеянын атактуу образы анын «Кара аялдын сөйкөсүн алдырбаңыз: сүйүү жана жашоо жөнүндөгү Мадеянын эркин ойлору» аттуу алгачкы китебинде да бар. 2006-жылы жарык көргөн бул китеп бир нече жуманын ичинде «Нью-Йорк таймстын» бестселлер тизмесинин башына чыгып, эң мыкты юмордук китеп жана жылдын эң мыкты китеби категориялары боюнча атактуу «Квилл» сыйлыктарына татыктуу болгон. Перри бир эле учурда бир нече пьесаларды коюп, кинотеатрда фильмдерди көрсөтүп, телешоу менен алектенип жүрөт. Анын расмий сайтындагы маалыматтар боюнча *(www.tylerperry.com)* азыр ал «Пейндин үйү» жана «Браундарды тосуп ал» аттуу эки телесериалдын үстүндө иштөөдө жана алар 2007-2008-жылдары кабелдик телекөрсөтүүгө чыкмакчы. Анын эң соңку фильми «Атанын кичинекей кыздары» 2007-жылы февралда чыккан.

## Уилл Смит



© AP Images/Franka Bruns

Филадельфияда (Пенсильвания штаты) өткөн бала кезинде эле Уилл Смитке суктанган достору «принц» деп ат коюшкан. Анын расмий сайтындагы маалыматтар боюнча, 12 жашынан баштап рэп аткара баштаган жана 16 жашка келгенде белгилүү рэппер болуп, «Жаш принц» деген атка конгон жана Жэзи Жефф досу менен көбүнчө аткарган. Ошол эле учурда Смиттин аткаруучулук чеберчилиги да байкалган. Жыйырма эки жашында ал Калифорнияга «Бэлердин жаңы принци» деген телекомедия сериалына тартылуу үчүн келген (Бэлер – Лос-Анжелестин жанында жашаган жамаат). Алты жылга созулган сериал тартылып бүткөн соң, Смит киного тартыла баштаган жана атактуу боксчу Мохаммед Алинин өмүр жолун баяндаган «Али» фильмине, «Кара кийимчен адамдар», «Түрткү», «Жаман балдар» аттуу фильмдерге тартылуу менен, ал азыр Голливуддун эң мыкты актёрлорунун бири болуп эсептелет. Анын 2006-жылы чыккан «Бакыттын артынан түшүү» аттуу фильми «Оскарга» көрсөтүлүп, көптөгөн сыйлыктарга татыктуу болгон, алардын ичинде Улуттук түрлүү расанын адамдарына колдоо көрсөтүү (National Association for the Advancement of Colored People) сыйлыгы да бар. «Бакыттын артынан түшүү» фильминин ийгилиги өзгөчө жагымдуу болгон, анткени ал Смиттин кино жана телекомпаниясы «Овербрук энтертейнменттин» продукциясы болчу. Ал муну бизнес өнөгү менен баштап, бир катар атактуу фильмдерди чыгарган. Экинчиден мында анын сегиз жашар баласы Жейден тартылган (сүрөттө атасы менен).

2007-жылы апрелде «Ньюсуик» журналыгы 38 жаштагы актёр, музыкант, продюсер, жубай жана атаны «планетанын эң мыкты актёру» деп атады, мунун себептеринин бири анын дүйнөгө белгилүү болгон 4,4 миллиард доллар киреше алгандыгы болуп саналат. «Ньюсуик» журналыгына берген интервьюсунда бир студиянын жетекчиси Смиттин атагы тууралуу мындай деген экен: «…Уилл Смит бар, демек, пенделер бар».



© AP Images/John Smock

## Люси Лиу

Нью-Йоркто тайвандык эмиграннтардын үй-бүлөсүндө туулган Люси Лиу беш жашка чейин англис тилин билген эмес. Орто мектепти аяктагандан кийин, Мичиган университетине өтүп, Азия тилдери жана маданияты боюнча диплом алган. Университетти аяктардын алдында ал «Оздук сыйкырчы» пьесасындагы роль үчүн конкурска катышып, жеңип чыккан соң анын актёрдук карьерасы башталган. Бүгүнкү күндө 38 жаштагы Лиунун чыгармачылык баяны бир топ көлөмдүү, анын ичинде бир нече мультипликациялык фильмдерди үндөштүрүү, «Элли Макбил» телесериалындагы туруктуу роль жана бир катар фильмдердеги ролдор, анын ичинде «Биллди өлтүрүү 1» жана «Биллди өлтүрүү 2», «Чарлинин периштелери» жана анын кийинки сериялары сыяктуу фильмдердеги ролдору бар. Лиу мындан тышкары фильмдерге, анын ичинде документалдык фильмдерге продюсер боло баштады. Өзү продюсерлик кылган фильмдердин бири «Үч ийнеде» СПИД менен ооруган кытай аялдын ролун аткарат.

Лиунун жашоосу Кайра жаралуу доорундагыдай көп кырдуу. Анын тарткан картиналары үч галереяда тартууланган. Ал мушташ искусствосу менен шугулданат, музыкалык аспапта ойнойт, лыжа тебет жана альпинизм менен машыгат. Кытай тилинде, ошондой эле япон, итальян жана испан тилдеринде эркин сүйлөйт. Лиу АКШнын ЮНИСЕФ фондунун элчиси катары Пакистанга жана Лесотого барып келген. Массалык маалымат каражаттарындагы белгилүү азиялык америкалык катары «Азиялык чеберчилик» сыйлыгына татыктуу болгон.

## София Коппола

Атактуу кинорежиссёр Френсис Форд Копполанын үй-бүлөсүндө 1971-жылы туулган София Коппола атасынын «Мафиянын атасы» *(The Godfather)* аттуу фильминде алгачкы жолу наристе кезинде тартылган. Ал эми 1990-жылы «Мафиянын атасы: 3-бөлүмдө» Мария Корлеонинин ролун аткарган. София Коппола актёрдук карьеранын артынан түшүп, алгач бала катары (көбүнчө Домино Коппола деген ат менен), анан өспүрүм жана чоң адам катары фильмдерге тартылган, бирок 1990-жылдарга келгенде атасынын жолун жолдоо менен продюсер жана кинорежиссёр боло баштаган. 2004-жылы чыккан «Котормодогу жоготуу» фильми менен ал эң мыкты режиссёр номинациясы боюнча «Оскарга» көрсөтүлүп, мындай урмат көрсөтүлгөн дүйнөдөгү үчүнчү аял, ал эми америкалык биринчи аял режиссёр болгон. Ал эми 2006-жылкы заманбап музыка менен коштолгон «Мари Антуанетта» фильми Копполанын талантынын накта ачылышы болуп саналат. Ал көптөгөн сыйлыктарга, анын ичинде Канн кинофестивалынын «Алтын пальма» сыйлыгына көрсөтүлгөн, мында ал Француз улуттук билим берүү системасынын Кинематография боюнча сыйлыгына татыктуу болгон. Бул фильм костюм дизайнындагы эң мыкты жетишкендиги үчүн «Оскар» сыйлыгын жеңип алган.


© AP Images/Dima Gavrysh

## Салма Хайек



© AP Images/Seth Wenig

1966-жылы Мексикада туулган Салма Хайек талантын, ажарын жана интеллектин актриса, продюсер жана кинорежиссёр катары Мексикада, Кошмо Штаттарда жана башка өлкөлөрдө тартылган фильмдерге арнады. Мексикада теле жана кино жылдызы катары таанылгандан кийин Хайек Кошмо Штаттарга келген. Ал убакта америкалык фильмдерде латын америкалык актрисалар үчүн ролдор аз болчу. Өжөрлүгүнүн, талантынын жана жеке активдүүлүгүнүн аркасында ливандык чалымы бар актриса олуттуураак жана ар түрдүү ролдорду ала баштады. Ошол эле учурда балким, бир жагынан өзүнө жана башка актрисаларга жакшыраак ролдорду алуу үчүн продюсерлик кыла баштады. Анын биринчи «Полковникке эч ким жазбайт» (1999) аттуу көркөм фильми Канн кинофестивалында көрсөтүлүп, «Оскар» сыйлыгын эң мыкты чет элдик фильм номинациясына Мексика тарабынан сунуш кылынган.

Хайек продюсери болгон жана атактуу мексикалык актриса Фрида Калого арнаган «Фрида» фильми көптөгөн мактоолорго татыктуу болду. Фильм алты номинация боюнча «Оскар» сыйлыгына көрсөтүлгөн. «Акмактар шашканда», «Көпөлөктөр мезгили», «Жапайы Батыш», «Десперадо», «Күүгүмдөн таң атканча» жана «Бир жолу Мексикада» сыяктуу башка фильмдер да бар. Хайектин күчтүү таасири менен Колумбиянын «Түрү суук Бетти» аттуу телесериалынын америкалык версиясы адаптацияланып чыга баштады. Хайек экинчи даражадагы ролду ойногон «Түрү суук Бетти» сериалы «Имидж», «Алтын глобус» жана «Пибоди» сыйлыктарына татыктуу болгон жана сейрек кездешүүчү каармандарды көргөзүп, элге, өзгөчө жаш кыздарга, сырткы келбеттин анча маанилүү эместигин түшүндүргөнү үчүн макталган.

## Минни Драйвер



© AP Images/Markus Schreiber

1970-жылы Лондондо туулган Минни Драйвер балалыгынын бир бөлүгүн Барбадосто өткөргөн. Ал Англияда билим алган жана Веббер Дугластын Драмалык искусство академиясын бүтүргөн. Драйвер өз карьерасын музыкант катары баштаган жана азыркыга чейин музыканттык өнөрдү актёрлук өнөр менен айкалыштырып алып келатат. Музыка жаатында ал ырчы жана композитор катары белгилүү. Анын «Достордун чөйрөсү», «Мага кайрыл», «Гросс Пойнт Бланк», «Операнын элеси» жана «Азамат Уилл Хантинг» аттуу фильмдери бар, акыркысы үчүн ал экинчи даражадагы эң мыкты роль үчүн «Оскар» сыйлыгын алган. Ал «Уилл жана Грейс» телесериалында роль аткарган жана 2007-жылдан тартып «Эф-Экс» кабелдик каналынын «Байлар» аттуу жаңы сериалына тартыла баштады. Драйвер өз үнүн бир нече мультфильмде пайдаланган, анын ичинде 2007-жылы чыга турган «Симпсондордун киносу» да бар. Ал 1998-жылы «Сейчем фермасында» фильминин продюсери болгон (бул фильм 2001-жылы чыккан), ал эми жакында чыга турган «Толкун таасири» деген фильмде продюсерлик кылуу менен бирге Форест Уайткер жана Виржиния Мэдсин менен кошо фильмге тартылмакчы.

# Бен Аффлек, Мэтт Дэймон жана «Гринлайт» долбоору



© AP Images/Chris Pizzello

«Гринлайт» долбоорунун веб-сайтындагы *[www.projectgreenlight.liveplanet.com*] маалыматтарга караганда, бул - өзүнчө эле Голливуддагы американык кыялдын үлгүсү. Эки дос актёр болууну каалайт. Көп жылдар бою катуу иштегенден кийин, алар өздөрү «Азамат Уилл Хантингдин» сценарийин жазып, киного тартылышат да, элге таанылып, атак-даңкка жетишет жана эң мыкты киносценарий номинациясы боюнча «Оскар» сыйлыгын алышат. Бул - Мэтт Дэймон менен Бен Аффлектин башынан өткөн окуя, анан алар буга шыктанып, американык продюсер Крис Мур жана «Мирамакс филм энд теливижн» компаниясы менен биргелешип таланттуу сценаристтерге индустриянын эшигин ача турган конкурс жарыялаган.

«Гринлайт» долбоорунун алгачкы конкурсу 2000-жылдын күзүндө башталып, жети миңден ашуун сценарий келип түшкөн. Конкурска катышкандар 250 киши болуп, анан иргелип 30га түшкөн, аягында алардын ичинен ону өз сценарийинен сцена тартуу мүмкүнчүлүгүн алышкан. Эң мыкты үч катышуучу аңгемелешүүгө чакырылып, натыйжада Пит Жонско өзүнүн «Билинбей келген жай» аттуу сценарийин тартуу үчүн 1 миллион доллар бюджет бөлүнгөн.

Бир нече айдын ичинде фильм даяр болуп, ага Эйден Квин менен Бонни Хант тартылышкан. Фильм Санданс кинофестивалында сыйлыкка ээ болуп, Жонс көрүүчүлөргө өзүнүн фильми тууралуу баяндап берген. «Эмми» сыйлыгына үч жолу көрсөтүлгөн документалдык серияда бул процесс сценарийден экрандаштырылганга чейин көрсөтүлгөн. Ошентип, Аффлек менен Деймондун максаты ишке ашкан. Крис Мур бул алгачкы конкурс тууралуу мындай дейт: «Конкурс адамдардын фильм тартуу кандай кыйын экенин, болгондо да, алгачкы фильмди тартуу канчалык түйшүктүү экенин, акырында аны акы төлөп көргөн элди көрүүнүн өзү эле канчалык бакыт экенин түшүнүүсүнө жардам берди». Экинчи конкурс 2003-жылы, үчүнчү конкурс 2005-жылы өтүп, жаңы фильм жанрларына жайылуу менен кинорежиссёр болууну каалагандардын эки тобун чогултту.

Аффлек (жогорудагы сүрөттө солдо) менен Дэймон өздөрүнүн атактуу карьерасында биринчи фильми жөнүндө кыялданган эч ким билбеген бөлмөлөштөрдөн баштап узак жолду басып өтүштү. Дэймон үч фильмде Жэйсон Борндун - ЦРУнун жашыруун агентинин ролун ойноду; «Оушендин 11 досу» фильмине жана анын кийинкилерине тартылып, «Азамат Уилл Хантинг» фильми үчүн «Оскар» сыйлыгына көрсөтүлдү жана соңку мезгилдеги «Жакшы чабан» жана «Маркум» фильмдериндеги ролдору жогорку баага татыктуу болду. Аффлек да көп иштеди. Ал 2006-2007-жылдары чыккан төрт фильмге тартылды, алардын ичинде «Токойлуу жер» жана «Смокиндин упайлары» фильмдери жана өзү сценарист, продюсер жана режиссёр болгон «Бар, балакай, бар» фильмида бар.



© AP Images/Stephen Chernin

# Дрю Берримор

Дрю Берримор 1982-жылы чыккан Стивен Спилбергдин «Инопланетянин» аттуу блокбастеринде Герти аттуу кичинекей кыздын ролун ойноо менен, сегиз жашында дүйнөлүк жылдыз болуп таанылган. Ал он бир айлыгында эле анын алгачкы телерекламасы эфирге чыккан. Голливуддагы атактуу үй-бүлөлөрдүн биринде туулган Берримордун ийгилиги Лайонел, Этел жана Жон Берримор сыяктуу туугандарынын салтын улантkан. Өспүрүм кезинде жана андан кийин Дрю Берримордун жаман нерселерге алаксыган учуру болгон; буга баңгизат менен өзү тандап алган ролдор да таасирин тийгизбей койгон эмес. 1996-жылдан тартып ал карьерасын кайра улантуу менен романтикалык комедияларга тартылган, алардын ичинде «Той ырчысы», «Эч ким өпкөн эмес» жана «50 алгачкы жолугушуу» деген фильмдер бар. Мында көп учурда ал, тескерисинче, тартынчаак, сезимтал адамдардын ролун ойногон. Мындан тышкары Берримор 2001-жылы чыккан «Машинада балдар менен» фильминдеги жаш эненин ролу сыяктуу драмалык ролдорду да ойногон. Ошол эле учурда Берримор ишин абдан ийгиликтүү жүргүзгөн компания түзүп, «Чарлинин периштелери», «Күлчүнүн» азыркы версиясы болгон «Дайым артта» сыяктуу фильмдер жаралган. Азыркы учурда ал Хью Грант менен бирге «Музыка жана лирика» деген фильмге тартылууда.

Дрю Берримор жакында англиялык модельер Жил Дикондун модели болуп тандалып алынган. 2007-жылы мартта «Вог» журналынын англиялык чыгарылышына берген интервьюсунда Дикон анын тандалып алынышынын себебин мындайча түшүндүргөн: «Ал абдан акылдуу, ары ишкер жана үлгү боло турган аял, бирок ал мурун бир топ жаңылыштык кетирип, кайра оңолгон адам, адамдар аны түшүнөт жана сыйлайт деп ойлойм».

Берримор документалдык фильмдерге болгон кызыгуусун көрсөтүү менен, бир нече долбоорго режиссёр болгон жана алар элдин көңүлүн бурган. Ал бир жылдан ашуун мезгил бою Африкадагы балдарга тамак жеткирүү долбооруна катышып, аны тасмага тарткан.  Барган сайын ачка балдардын абалына жана агенттиктер менен топтордун көңүлүн ушул проблемага буруууга баш-оту менен кирип иштеди. Бул тармактагы жүргүзгөн ишин баалап, Бириккен Улуттар Уюмунун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы 2007-жылы майда Берриморду Ачкачылыкка каршы элчиси кылып дайындады жана өзүнүн атак-даңкын мектепте тамактандыруу долбоорлорун колдоо үчүн пайдаланууга чакырды. Анын бул боюнча алгачкы кадамдарынын бири тамактандыруу программаларын өткөрүү үчүн АКШнын сенаторлору менен жолугушуусу болду.



Courtesy of Bader ben Hirsi and Arab Film Distribution

# Бадр Бен Хирси

Бадр Бен Хирси Лондондо өскөн, анын үй-бүлөсү бул жерге 1960-жылдарда Йемен революциясынын учурунда келген. Ал Голдсмит коллежинде окуп, искусство магистри даражасын алган. 1995-жылы ал Йеменге барып, андагы таасирлеринен улам лирикалык документалдык фильм катары сыпатталган «Англиялык шейх жана йемендик джентельмен» аттуу фильм тарткан. Анан ал Англиядан айдалып, Йеменде жашап, өз мекени менен кеңири тааныша баштаган.

2001-жылдын 11-сентябрынан кийин араб кинорежиссёрлорунун документалдык фильмдерине талап өскөн. Бен Хирсинин долбоорлоруна 2003-жылкы «Йемен жана террорго каршы согуш» жана 2002-жылкы «11-сентябрь Саудинин көзү менен» деген документалдык фильмдер кирет. Мында аба каракчыларынын үй-бүлөлөрүнөн жана досторунан, араб массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнөн, саясий жана аскердик серепчилерден, психологдордон жана башкалардан алынган интервьюлар, алардын 11-сентябрдагы окуяларга берген баасы камтылган. Бул 11-сентябрды Сауди өңүтүнөн кылдат иликтеген алгачкы документалдык фильм болуп, ал Кембриж билим берүү борборунун окуу планынын видео коллекциясына киргизилген жана «политологияны, Жакынкы Чыгышты жана исламды окуп үйрөнгөн студенттер үчүн мыкты окуу куралы» катары сыпатталган.

Бен Хирси көркөм фильм тартууга кайра кайрылган. Анын «Байыркы Санадагы жаңы күн» *(A New Day in Old Sana'a)* аттуу фильми 2005-жылы Каирдеги эларалык кинофестивалда эң мыкты араб фильми катары сыйлык алган. Ал Нью-Йорктогу Алван кинофестивалында да көрсөтүлгөн. Бен Хирси бул фильмге киришерден мурун, Йемен өкмөтүнүн макулдугун жана каржысын алганы менен, маданият министри аны Йеменде коммерциялык негизде көрсөтүлүшүнө уруксат бербей койгон, ошондон улам Сана кинофестивалында британиялык фильм катары көрсөтүлгөн.

Бен Хирси өзүнүн Жакынкы Чыгыштагы фильм тартуу тажрыйбасы башка араб кинорежиссёрлорун, өзгөчө консервативдүүрөөк келген жана кинематография салтынан обочо калган Перси булуңундагы өлкөлөрдүн кинорежиссёрлорун шыктандырат деп үмүттөнөт. Ал Европада же Түндүк Европада окуп, кыйынчылыктарга карабастан мекенине кино тартуу үчүн келген жаш кинорежиссёрлорду көргөн. «Бул - араб фильминин жаңы толкуну»,- дейт Бен Хирси «Нетрибюшн» веб-сайтындагы интервьюсунда. Анан: «жаңы жана адамды апкаарыта турган стиль жаралып, бардыгы өзгөрүп баратат»,- деп кошумчалайт.



© AP Images/Felix Films

*Бен Хирсинин Йеменде тартылган фильмдеринен бир көрүнүш.*

# Көзкарандысыз кинонун пайда болушу

Кеннет Туран



© AP Images/John Bazemore

*«Делта эйрлайнс» 2004-жылы кинофестивалга демөөрчүлүк кылуу менен Жоржиядагы сегиз коллеждин миңдеген студенттеринин кинематографияга болгон кызыгуусун арттырды. Сара Уитмарш өзү окуган Жоржия университетиндеги студенттик уюм жөнүндө фильм тарткан.*

*АКШнын азыркы көзкарандысыз киноиндустриясы бир нече эр жүрөк кинорежиссёрлор Голливуд киностудиясы каржылабай койгон фильмдерди өз акчаларына тарткандан баштап пайда болгон. Адатта бюджети чектелүү, бирок сапаты абдан жогору болгон бул фильмдерди коомчулук жогору баалоо менен көзкарандысыз киноиндустриясынын өнүгүп-өсүшүнө өбөлгө түздү. Кеннет Туран «Лос-Анжелес таймс» гезитинде жана Улуттук коомдук радионун эртең мененки программасында киносынчысы болуп эмгектенет. Ал - «Азыр бардык кинотеатрларда: Блокбастердин белгилүү бир түрүнүн салтанат куруусу» (2006) жана «Сандanстан Сараевого: Кинофестивалдар жана алар курган дүйнө» (2002) сыяктуу бир нече китептин автору.*

Көпчүлүк өлкөлөр, эгер өзүнүн киноиндустриясы бар болсо, өздөрүн бактылуу деп эсептешет. Дүйнөнүн айрым жерлеринде (эске дароо эле Индия менен Гонконг келет) өнүгүп бараткан киноиндустриялары бар болгону менен Кошмо Штаттар бир эмес эки киноиндустриясына ээ болуу менен алардан артыкчылык кылат.

Биринчи индустрия – фильмдери жалпыга таанымал болгон Голливуд индустриясы. Бул - блокбастерлер чыга турган, «Жөргөмүш адам», «Кариб деңизинин каракчылары» сыяктуу миллиондогон долларга тартылып, дүйнө жүзүнөн миллиарддаган киреше алып келе турган фильмдер жаралуучу жер жана мындай фильмдер тынымсыз тартыла берет.

Бирок соңку жыйырма жылдан ашуун мезгилдин ичинде көзкарандысыз киноиндустрия пайда болду жана ал барган сайын өнүгүп-өсүүдө. Анын өзүнүн жыл сайын өткөрүлүүчү фестивалы (Парк-Ситидеги «Санданс» фестивалы, Юта штаты), өзүнүн «Оскар» сыйлыктары («Көзкарандысыз рух» сыйлыктары, «Оскар» сыйлыктарын тапшыруудан бир нече күн мурда тапшырылат) бар. Ал турсун, көзкарандысыз фильмдерди, актёрлорду жана көбүнчө көзкарандысыз фильмдерди тартуучу кинорежиссёрлорду көрсөтүүчү атайын кинотеатрлар да бар.

Бирок муну менен америкалык кинонун бул эки бөлүгүнүн ортосунда симбиоздук байланыш жок деп айтууга болбойт. Мындай байланыштар абдан көп. Голливуддун атактуу жылдыздары кээде көзкарандысыз фильмде ойногону үчүн сыйлык алышат. Мисалы, Том Круз Пол Томас Андерсондун «Магнолия» аттуу фильминде ойноо менен ушундай сыйлыкка татыктуу болгон. Көзкарандысыз жылдыздар да кээде Голливуддун чоң фильмдеринде тартылышат, мисалы, көзкарандысыз фильмдердин тарапкери Стив Бушеми «Армагеддон» жана «Арал» сыяктуу

салттуу блокбастерлерде ойногон. Көзкарандысыздар Голливуддун мекемелеринде «Оскарларды» тапшырууда негизги күч болуп баратат. Ошондой болсо да, эки негизги нерсе Голливуддун фильмдерин көзкарандысыздардан айырмалап турат: биринчиси- бюджет (фильмди тартууга канча акча сарпталды), экинчиси – фильмдин мазмуну (фильм эмне жөнүндө). Американын кинобизнесинде дайыма боло келгендей, бул экөө тыгыз байланышта.

## Чеберчиликке басым жасоо


Эгер фильм 100 миллион доллардан ашуун акчага тартылса (бир фильмге орто эсеп менен ушунча каражат сарпталат), бул акчаны кайра кайтарып алуу үчүн бул фильмди Кошмо Штаттарда эле эмес, дүйнө жүзү боюнча көрсөтүү керек болот. Демек, мында бардык аудиторияларды кызыктыра турган элементтердин бири болгон курч окуяларга, ошондой эле фильмди эң көп көрө турган 25 жашка чейинкилердин табитине басым жасалат.

Көзкарандысыз фильмдер, тескерисинче, арзан болот. Аларга бир нече миң доллардан баштап 15-20 миллион долларга чейин сарпталышы мүмкүн. Бул көп акчадай көрүнгөнү менен Голливуддун стандарттары боюнча андай эмес. Мындай фильмдерге азыраак акча сарпталгандыктан, ал бир топ индивидуалдуу, уникалдуу мүнөздө болуп, атышуу, жарылууларга караганда каармандар менен окуяларга көбүрөөк көңүл бөлүнөт. Бул фильмдерде актёрдук чеберчиликке жана мүнөздөрдүн ачылышына көбүрөөк, ал эми киреше алуу жагына азыраак маани берилет да, бул жагынан алар көп акча табуучуларга караганда «Оскар» сыйлыгын көбүрөөк алышат. Мындан 40-50 жыл мурун ушул сыяктуу фильмдерди көрүүнү каалаган америкалык кино сүйүүчүлөр аны бир гана чет элдик фильмдерден таба алышчу жана ушундан улам, 1950-60-жылдары Франциянын, Италиянын, Япониянын, Скандинавиянын жана башкалардын фильмдерин көргөндөрдүн саны кескин көбөйүп кеткен.



*Актёр жана кинорежиссёр Жон Касевитис.*

Америкалык аудиторияга мындай фильмдерди өз тилинде көрүү мүмкүнчүлүгүн берген көзкарандысыз фильмдер жок жерден эле пайда боло калган жок. Актёр жана кинорежиссёр маркум Жон Касевитис («Көзкарандысыз рух» сыйлыктарынын бирине аты татыктуу болгон жалгыз кинорежиссёр) 1957-жылы «Көлөкөлөр» (Shadows) деген атактуу фильмин тартуу менен көзкарандысыз стилдеги фильмдерди баштаган.



*Сценарист жана кинорежиссёр Жон Сейлис.*

Көптөгөн адамдар азыркы көзкарандысыз фильмдердин алгачкысы деп Жон Сейлистин 1980-жылы чыккан «Жетинчи Секаусустун кайтып келиши» деген фильмин эсептешет. Фильм 60 миң долларга тартылып, аны Сейлис өзү каржылаган жана ал каражаттын бир бөлүгүн Голливуд фильмдерин кайра жаздыруу менен тапкан. Акырында фильм 2 миллион доллар киреше алып келген. Ошентип, акча жана ошондой эле чыгармачылык канааттануу киностудия системасынан башка жолу менен да боло тургандыгы биринчи жолу ачык болду.

## Көзкарандысыз истэблишмент

Харви Уайнштейн өзүнүн бир тууганы Боб менен бирдикте түзүп, ата-энесинин атын берген көзкарандысыз дүйнөлүк гигант «Мирамакс» тарабынан дагы эки фильмдин жайылтылышы көзкарандысыз фильмдердин келечеги кең экенин айкындады. 1989-жылы Стивен Содербергдин «Секс, жалган жана видео» деген фильми «Санданста» биринчи сыйлыкты алып, андан кийин Канндагы кинофестивалда сыйлыкка татыктуу болгон соң, Американын көзкарандысыз фильми эларалык деңгээлде таанылa баштады.

Ал эми Квентин Тарантинонун «Криминалдык чыгарма» 1994-жылы Канндагы кинофестивалда сыйлыкты жеңип алуу менен чектелбестен, 100 миллион доллардан ашуун киреше алып келген биринчи көзкарандысыз фильм болду. Ушундан улам бир жыл мурун «Мирамаксты» сатып алуу менен Дисней уюму көрөгөчтүк кылган эле.

Көп өтпөй эле көзкарандысыз фильмдердин абдан ар түрдүү экенин жана аларды өздөрүнүн персоналы менен тартуу мүмкүн эмес экенин түшүнгөн ар бир киностудия көзкарандысыз бөлүмдөрүн түзө баштashты. Бүгүнкү күндө мындай атайын бөлүмдөргө (алар кинобизнесинде ушундай ат менен белгилүү) «Фокус сөчлайт», «Уорнер индепендент пикчерс», «Универсал фокус» жана атактуу «Сони пикчерс классикс» кирет.



© AP Images/Damian Dovarganes

*Лас-Вегастагы электроника көргөзмөсүндөгү жаңы жабдуулардан көрүнүп тургандай, фильм тартуу жана редакциялоо технологиясы барган сайын өзгөрүүдө.*

Бул атайын бөлүмдөр тарабынан тартылган фильмдер көзкарандысыз фильмдердин эң мыктылары болуп эсептелет жана алардын бюджети абдан чоң болот да, абдан атактуу кино жылдыздары тартылышат. Бул фильмдер Голливуддукуна окшош болушу мүмкүн, бирок Голливуд мындай фильмдерди тартпайт. Буга «Кичинекей нур кызды» мисал кылууга болот. Бул фильм абдан мыкты деп таанылып, анын сценарийи 2007-жылы февралда «Оскар» сыйлыгын алганына карабастан, башкы киностудиялар андан көп жолу баш тартып келишкен.

Өзгөчө эмоционалдуу экендигине карабастан, көзкарандысыз фильмдер ар түрдүү чөйрөлөрдү чагылдырат жана ар түрдүү окуяларды баяндайт. Көзкарандысыз фильмдер өтө чоң каражатты талап кылбагандыктан, мында Спайк Лиге окшогон африкалык-америкалык кинорежиссёрлор, Грег Араки сыяктуу гей кинорежиссёрлор башкалардан өзгөчөлөнүп турган, бирок кеңири аудиторияга айта турганы бар инсандар тууралуу фильмдерди тарта алышат.

## Цифралык технологиянын таасири

Чыгым маселеси, мындан тышкары, көзкарандысыз документалдык фильмдердин пайда болушуна түрткү берген факторлордун бири болду. Биздин учурда көзкарандысыз документалдык фильмдер мурун болуп көрбөгөндөй көп тартылып, көрүүчүлөргө жетүүдө. Мунун бир нече себептери бар, бирок алардын ичинен эң негизгиси цифралык жабдуулар менен тартуунун арзандыгынан улам өндүрүш каражаттары фильм тартуучулардын колуна өтүп калгандыгы болду.

Буга музыкалык видео жана реклама режиссёру Скот Гамильтон Кеннедини мисал келтирүүгө болот. Калифорниянын орто мектебинде «Торнтон Уайлдер» пьесасын коюп жаткан мугалимге жолукпаганда, ал көрүүчүлөр кайра-кайра көргөн өзүнүн «Биздин шаар» тасмасын эч качан тартмак эмес. Мугалим аял өз долбоорун айткан соң, ал муну кандай гана болбосун тартууну чечкен. «Мен эч качан акча табууга же команда түзүүгө аракет кылган эмесмин»,- дейт ал. «Мунун баарын жасоо үчүн аракет кылганымда документалдуу фильмди тартуу учуру өтүп кетерин билгенмин».

Ошентип Кеннеди , өзү айткандай, электроника буюмдарын сата турган дүкөндөгүдөй арзан камерасын көтөрүп алып



© AP Images/Steve Helber

*Кинорежиссёрлор Луизианадагы кафедралдык соборда жабдууларды текшерип жатышат. Алар «Катрина урагань тууралуу нью-орлеандык баяндар» деген документалдык фильмди тартышууда.*

мектепке барган. Бирок анын камерасынын мындай жөнөкөйлүгү окуучулар менен тез эле аралашып, жакын болуп кетүүсүнө өбөлгө түзгөн, ушунун өзү фильмдин эң күчтүү жагы болуп эсептелет. Каржылоодогу көзкарандысыздык ой жүгүртүүнүн көзкарандысыздыгына алып келип, натыйжада Американын соңку жылдардагы эң мыкты фильмдери жаралууда.

---

*Журналдарда айтылган пикирлер сөзсүз эле АКШ өкмөтүнүн көз карашын же саясатын чагылдырбайт.*

# «Санданс» - дүйнө жүзүндөгү көзкарандысыз фильм тартуучулардын ишине колдоо көрсөтүү




© Mark Maziarz

*Кинофанаттары жыл сайын кышында Парк-Ситиге (Юта штаты) «Санданс» кинофестивалына келишет.*

«Санданс» кинофестивалы жана анын демөөрчүсү болгон Санданс институту дүйнөдөгү көзкарандысыз фильм тартуучуларга колдоо көрсөтүү менен алардын фильмдерин көргөзөт.

Кошмо Штаттардагы атактуу кинофестивалдардын бири болгон он күндүк «Санданс» кинофестивалы жыл сайын январь айында Юта штатындагы Парк-ситинин кар баскан тоолорунда өткөрүлөт. Адегенде көзкарандысыз фильм тартуучулардын жараткан фильмдеринин көргөзмөсү катары болжолдонгон «Санданс» атайын талкууларды, жаштар программаларын, онлайн көргөзмөлөрдү жана түз музыкалык берүүлөрдү камтыган кинофестивалга айланды. Жыл сайын фестивалга дүйнө жүзүнөн келген 45 минден ашуун киши катышат. 1985-жылы «Санданс» кинофестивалы алгачкы жолу өткөрүлгөндөн бери фестивалды ачкан бир нече америкалык жана эларалык көзкарандысыз фильм көптөгөн номинациялар боюнча «Оскар» сыйлыгына көрсөтүлүп, ага татыктуу болушкан. Фестивалдын өсүп бараткан кадыр-баркы эларалык киножылдыздарын кызыктырууда. Көрсөтүлгөн иштин сапатына шыктангандыктан, алардын көбү гонорары көбүнчө Голливуддукунан алда канча төмөн болгон көзкарандысыз фильмдерге тартылууда жана аларды тартууда.

Жюри америкалык жана эларалык фильмдер үчүн сыйлыктарды документалдык жана көркөм фильм категориялары боюнча фестивалдын акыркы күнү жарыялоо менен тапшырат. Жюри мүчөлөрү урмат-сыйга ээ болгон, киноиндустриясында иштеп келаткан искусство адамдарынан болот. Сыйлыктар сценарий, актёрлук, режиссёрлук үчүн берилет, мындан тышкары атайын сыйлыктар да бар. Фестивалда көрсөтүлгөн фильмдердин баары эле конкурска катышпайт; айрым фильмдер жайылтуучулардын көңүлүн буруу үчүн көрсөтүлөт; түрдүү категориялардагы бир нече кыска метраждуу тасмалар да көрсөтүлүп, аларды «Санданс» кинофестивалынын веб-сайтынан да көрүүгө болот: *http://festival.sundance.org/2007/.*




© AP Images/Kevork Djansezian

*Фестивалга фанаттар менен массалык маалымат каражаттарынан тышкары режиссёрлор менен актёрлор да катышат. «Кичинекей нур кыздын» көрсөтүлүшүнө келген австралиялык актриса Тони Колетт (солдо) жана америкалык Абигел Бреслин.*

2007-жылы Санданста америкалык жана эларалык 64 көркөм жана документалдык тасма көрсөтүлгөн жана америкалык кинорежиссёрлор тарткан беш көркөм фильмдин каармандары көбүнчө испан, хинди, корей, португал же маскоги (америкалык индеецтердин тили) тилдеринде сүйлөшөт. Кароого коюлган 3000ден ашуун көркөм фильмдин көпчүлүгү глобалдык маселелерге арналган. Мындагы ири кинокомпаниялардын ичинде Франциянын «Гаумонт», «Селулоид дримс» жана «Уайлд банч» компаниялары, Германиянын «Бавария филм интернешнл» компаниясы, Даниянын «Траст филм сейлс» компаниясы жана офистери Амстердамда, Лондондо, Сиднейде жана Гонконгдо жайгашкан «Фортуссимо филмс» эларалык кинокомпаниясы бар эле. Санданс кинофестивалы 2005-жылы америкалык эмес көркөм жана документалдык фильмдер үчүн конкурстук сыйлыктарды киргизүү менен, аң-сезимдүү түрдө эларалык багытка оогондугу тууралуу айткан фестивалдын жетекчиси Жефри Гилмордун сөзү көп айтылды.

Кинофестивалга Санданс коому демөөрчүлүк кылат, Парк-Ситиде жайгашкан бул коомду 1981-жылы көп сыйлыктарды алган актёр жана режиссёр Роберт Редфорд түзгөн. Коом стили жана мазмуну боюнча жаңычыл, эркин тартылган фильмдерди көрсөткөнү менен эле эмес, көзкарандысыз тасмаларды дүйнө жүзүнө көрсөтүүчү чакан жана ири жайылтуучу, сатуучу компаниялар үчүн эларалык базар болуп эсептелгени менен да маанилүү.

Санданс коому жыл бою өтүү менен көзкарандысыз кинорежиссёрлорго, сценаристтерге, композиторлорго, драматургдарга жана актёрлорго колдоо көрсөтүүчү көптөгөн премьералар менен программаларга демөөрчүлүк кылат. Документалдык фильм программасы окуяларды документалдык түрдө жаңыча баяндоого түрткү берип, аларды улам кеңейип бараткан аудиторияга көрсөтүүгө көмөк берет. Коомдун популярдуу көркөм фильм программасына жыл сайын 25ке жакын америкалык жана чет элдик жаңы кинорежиссёр катышат, мында көзкарандысыз долбоорлорго коомдун сценаристтери, кинорежиссёрлору жана соңку этап долбоорлору тарабынан колдоо көрсөтүлөт. Бул программада ошондой эле чыгармачыл жана практикалык кеп-кеңештер берилип, ассоциациялар аркылуу финансылык колдоо көрсөтүлөт. Музыкалык программа жаңы композиторлорду коомго алып келет, ал эми театр программасы театр актёрлорун чеберчиликке даярдоо менен оригиналдуу жана чыгармачыл иштерге колдоо көрсөтөт. Мындан тышкары, коомдун Калифорния университетинде (Лос-Анжелес) көзкарандысыз фильм коллекциясы бар.



© AP Images/Kevork Djansezian

*Актёр, режиссёр жана Сандансты негиздөөчүсү Роберт Редфорд.*

# Кинофестиваль сенин үйүңдө



«Көзкарандысыз объектив» циклиндеги «Телеграф хиллдин жапайы тотукуштары» фильминен бир көрүнүш.

Daniela Cossali/ITVS

*Эки документалдык телесериал Кошмо Штаттардагы жана башка сегиз өлкөдөгү дүйнө жүзүнөн окуяларды баяндайт жана продюсерлер кийинки жылдары бул жетишкендикти кеңейтүүнү пландаштырып жатышат.*

Көзкарандысыз телекөрсөтүү кызматы (The Independent Television Service) [http://www.itvs.com] документалдык фильмдердин серияларын чыгарып, алар Коомдук телекөрсөтүү системасынын телестанциялары тарабынан Кошмо Штаттарда көрсөтүлгөн. «Көзкарандысыз объектив: Кинофестиваль сенин үйүңдө» деп аталган бул сериялар америкалык жана чет өлкөлүк фильмдерди камтыйт. Программа жөнүндөгү маалыматты төмөнкү сайттан табууга болот: http://www.pbs.org/ independentlens/ about.html. Сынчылардын бири бул циклди «азыркы телекөрсөтүүдөгү көзкарандысыз фильмдердин эң мыкты көргөзмөсү» (өзгөчө айрым кабелдик системалар үчүн гана мүмкүн болгон «Санданс каналына» жете албагандар үчүн) деп атаган.

Сериялар ар бир сезондо Кошмо Штаттардан башка жактарда жашап, иштеген кинорежиссёрлордун фильмдерин камтыйт. АКШнын жараны болбогон кинорежиссёрлор тарабынан тартылып, алардын өлкөсү, маданияты жана эли жөнүндө баяндаган мындай фильмдер барган сайын көбөйүүдө. 2006-2007-жылкы сезондо «Көзкарандысыз объектив» төмөнкү эларалык фильмдерди камтыган: «Шадиа» - Израилде жашап, өзүнүн диний ишенимин башкалардыкы менен шайкеш келтирип, каратэ боюнча дүйнөнүн чемпиону болууга жетишкен 17 жашар мусулман кыз жөнүндө баян; «Мекеним Афганистан» - мында кинорежиссёрлордун бири төрөт учурунда орто эсеп менен жети аялдын бири өлгөн Афганистанда өз атасынын акушер катары кантип күрөшүп жатканын баяндайт; «Революция: беш көз караш» - кырк жылдан ашуун мезгил бою Кубада жашап, иштеп, Куба революциясынан баштап азыркы мезгилге чейинки ар түрдүү көрүнүштөрдү тартып алган беш кубалык фотосүрөтчүнүн баяны.



«Телеграф хиллдин жапайы тотукуштары» быйыл «Көзкарандысыз объективден» берилет.

Judy Irving/ITVS

Азыркы сезондо мындан тышкары төмөнкү фильмдер көрсөтүлдү: «Кара алтын», «Каликот», «Кытай көгү», «Демократиянын соңку мөөнөтү: Көзкарандысыз басма сөз үчүн дүйнөлүк күрөш», «Чакырыктын артында», «Сезам көчөсүнүн




*Шадиа 17 жаштагы аялдар каратэси боюнча дүйнөнүн чемпиону, ал Израилдин түндүгүндөгү кичинекей мусулман кыштагында жашайт.*

дүйнөсү», «Париж, 1951», «Телеграф хиллдин жапайы тотукуштары», «Энрон: Компаниядагы эң шок балдар» жана «Мирикитанинин мышыктары».

«Көзкарандысыз объективди» бир катар кино жылдыздары алып барышкан, алардын катарында быйылкы алып баруучу актёр Терренс Ховард да бар. Ал «Тополоң жана агым» жана «Авария» деген көзкарандысыз фильмдерде башкы ролдорду ойногон. Мурунку алып баруучулардын катарында Эди Фалко, Сюзан Сарандон, Дон Чидли жана Анжела Бассетт бар.




*«Сезам көчөсүнүн дүйнөсү» - сыйлыкка ээ болгон балдардын телесерияларынын эларалык версиялары жөнүндөгү документалдык фильм. Мында Түштүк Африка программасындагы Ками (Такалани Сезам) сыяктуу каармандар бар.*

Чет өлкөлүк аудиторияга сунуш кылынган «Чыныгы окуялар: АКШдагы жашоо» (True Stories: Life in the USA) аттуу 16 сериядан турган документалдык фильмди Бенисио дел Торо алып барат жана чет элдик аудиторияга америкалыктар башынан кечирген окуялар жана алардын жери тууралуу баяндап берет. Көзкарандысыз кинорежиссёрлор тарабынан тартылган бул фильмдер америкалык индеецтердин резервацияларынан тартып Мексиканын чек арасына чейин, серфингисттерден тартып акындарга чейин, балыкчылардан тартып шахтёрлорго чейин көрсөтүү менен, Кошмо Штаттардагы жашоонун бай жана ар түрдүү экенин баяндайт.




*«Көзкарандысыз объективди» «Тополоң жана агым» (Hustle and Flow) жана «Авария» (Crash) деген көзкарандысыз фильмдерде башкы ролдорду ойногон актёр Терренс Ховард сыяктуу көзкарандысыз фильм жылдыздары алып барышат.*

Дүйнө жүзүндөгү телекомпаниялар менен тыгыз кызматташтыкта болуу менен «Чыныгы окуялар» бул программалардын бекер көрсөтүлүшүнө жетишүүдө жана чет элдик аудиториялар андан Кошмо Штаттардын жаңылыктардан жана коммерциялык каналдардан сейрек көрүнө турган турмушун чагылдырган көзкарандысыз фильмдерин көрө алышат. 2006-жылы «Чыныгы окуялар» Перунун [http://www.irtp.com.pe], Малавинин жана Египеттин [http://www.ertu.gov.eg] коомдук телеканалдары тарабынан көрсөтүлгөн. Ал эми 2007-жылы Колумбиянын [http://www.rtvc.gov.co], Бахрейндин [http://www.bahraintv.com], Индонезиянын [http: //www. tvri.co.id], Бангладештин жана Гонконгдун телеканалдары бул серияларды көрсөтөт. Сериялардын продюсерлери бул жетишкендиктерин жыл сайын дагы кеңейтүүнү пландаштырууда. Азыркы сезондогу фильмдерге төмөнкүлөр кирет: «Америкалык саламдашуу: Гавайинин улуттук бийи хула», «Түпкүрдөн», «Үй-бүлөлүк макулдашуу»,«Биринчи жактын көптүк түрү», «Менин жеримде», «Сыйлоо» , «Машинамды өп», «Ларри Локниге каршы», «Лос-Анжелес бүгүн», «Кызматчы Америкада», «Тизмеде: үй-бүлө, майыптык жана америкалык кыял», «Сырттан байкоо: Америкадагы раса аралык бала багып алуу», «Сынган чоор: Америкадагы шаман Хмонгдун жашоосу», «Жайкы запас», «Ысыкты басуу: Нью-Йорктогу алгачкы аял өрт өчүргүчтөр» жана «Отряд 1500».

# Цифралык технологиялар революциясы

Стивен Ашер




© AP Images/Paul Sakuma

*«Эппл компьютердин» башкы аткаруучу директору Стив Жобс ар түрдүү фильмдерден клиптерди көрсөтүүчү гигант iPod жабдуунун жанында турат. 2006-жылы сентябрда «Эпплдин» онлайн фильм кызматын ишке киргизүүсү менен фильмдерди үйдөн же жолдон көрүү кыйла жеңилдеди.*

*Кинорежиссёрлор цифралык технологияларды биринчи жолу 1980-жылдары жаңы фантастикалык образдарды жаратуу үчүн колдонушкан. Ошондон баштап, татаалдашып бараткан бул куралдар фильмдерди цифралык жол менен жаратууга сатууга жана таратууга мүмкүнчүлүк бере баштады. Стивен Ашер - толук метраждуу документалдык фильмдердин режиссёру, алардын ичинде «Оскар» сыйлыгынын номинациясына татыктуу болгон «Болушунча тез» (2006) жана «Тынчы жок Крик: Орто батыш» (1996) сыяктуу фильмдер бар. Анын «Кинорежиссёрдун колдонмосу: Цифралык доордун толук справочниги» аттуу бестселлерге айланган эмгеги 2007-жылдын июнь айында кайрадан жарык көрмөкчү.*

Кинематографиянын тарыхында жаңы технология бардык нерсени өзгөрткөн бурулуш мезгилдер болуп келген. 1927-жылы алгачкы «үнү бар» фильм «Джаз ырчысынын» чыгышы менен үн доору башталган. Күтүүсүздөн эле үнсүз фильм жылдыздары жоголуп, жаңы типтеги жылдыздар менен сюжеттер пайда болду жана муну менен бирге сценарийлердин жазылышы, фильмдердин тартылышы жана көрсөтүлүшү да өзгөрдү.

Бүгүнкү күндө цифралык технологиялар абдан олуттуу революцияга алып келди. Интернет заманында өсүп чоңойгон жаштар кандай зор өзгөрүүлөр болуп жатканын аңдай беришпейт. Фильмдер, башка мультимедиа сыяктуу, эми эч качан мурункудай болбойт.

Техникалык жактан алганда, цифралык технология- бул сүрөттөр менен үндөрдүн цифралык маалыматка (сандарга) айланышы, мындай маалымат компьютерлер тарабынан сакталып, өзгөртүлүп, башкаларга берилиши мүмкүн. Цифралык формага өткөн соң, кеңири мүмкүнчүлүктөр дүйнөсү ачылат.

## Жаңы жагдай

Кинодогу цифралык технологиянын заманы 1980-жылдары башталган, бирок ал 1990-жылдары күчүнө кирди. Башында цифралык технология сүрөттөрдүн жаңы түрүн жаратуу үчүн колдонулган. Кинорежиссёр Жорж Лукастын компаниясы «Индастриал лайт энд мэжик» таң каларлык визуалдык эффекттерди алгачкы жолу жаратып, мунун натыйжасында космостогу фантастикалык окуялар кадимки эле чындыктагыдай чагылдырылган. Азыр болсо биз «Фотошоп» сыяктуу программалар менен сүрөттөрдү өзгөртө алабыз (айталы, кишини алып таштасак же имаратты кошуп койсок болот), мунун өзү сүрөткө тартылган чындык

тууралуу биздин түшүнүгүбүздү өзгөртөт. Цифралык технологиянын заманында «сүрөттөр алдабайт», «көрүү - бул ишенүү» деген сөздөр азыр туура болбой калды. Цифралык редакциялоо системалары абдан кыска кадрларды пайдалануу, экранды айланып учуучу сүрөттөр жана билинбей эле башка нерселерге айланып кетүүчү объектилер сыяктуу фильм тартуунун жаңы стилдери менен техникаларын жаратууга жардам берет. Бүгүнкү күндө телекөрсөтүүдөгү көпчүлүк жарнактар цифралык каражаттарсыз мүмкүн эмес.


© AP Images/Yesikka Vivancos

*Кинорежиссёрлордун 5-7 пайызын түзгөн аял режиссёрлордун фильмдерин көрсөтүү үчүн Ивон Маккормак Лионс «Аялдардын эларалык кинофестивалын» негиздеген.*

1990-жылдары цифралык видеодо зор өзгөрүү болуп, азыр бизге жакшы тааныш чакан видеокамералар пайда болду жана видеосүйүүчүлөр арзан, бирок мыкты сапаттагы видеоматериалдарды тартып алуу жана редакциялоо мүмкүнчүлүгүнө жетишти. Көзкарандысыз кинорежиссёрлор цифралык видеокамераларды асынып алышып, фильм тарта башташты, ошентип, алардын фильмдери капыстан эле телевизордон жана атактуу кинофестивалдардан чыга кала турган болду. Голливуддун мурунтан келаткан салттуу фильм тартуу модели боюнча, фильм тасмасы 35 мм камералар менен тартылчу, аны өзүнчө бир нече адамдан турган команда алып жүрчү. Видеокамералар сапаты жагынан жогорку камераларга жете бербейт, бирок алар менен айрым көркөм жана документалдык фильмдерди арзан тартууга болот. Видеокамераларсыз аларды тартуу өтө кымбатка турмак, же таптакыр эле мүмкүн болмок эмес.

Цифралык видео сыяктуу эле интернет да дүркүрөп өнүктү. Башында Голливуд муну кантип пайдаланса болорун билбей турду. 1999-жылы кичи форматтагы видеокамералар менен тартылган «Блэр жезкепмири» аттуу чакан бюджеттүү фильми интернет аркылуу сатылган алгачкы фильм болду. Фильмди интернет аркылуу реклама кылып, ал боюнча кызуу талаш-тартыштарды жүргүзүүнүн натыйжасында продюсерлер фильмдин дүйнө жүзү боюнча дүң кирешесин 248 миллион долларга жеткиришти. Бүгүнкү күндө веб-сайттар, блогдор, баяндамалар жана MySpace.com сыяктуу сайттардагы талаш-тартыштар жаңы фильмге карата элдин бүйрүн кызытуунун маанилүү элементтери болуп эсептелет.

Интернет фильм тартуунун жана аны элге жайылтуунун жаңы моделине жол ачты. Фильмдердин көпчүлүгү киностудиялар, телекомпаниялар же жайылтуучу ири компаниялар сыяктуу чоң корпорациялар тарабынан тартылат жана элге жайылтылат. Ал эми интернет атайын аудитория үчүн фильм тартып, кеңири аудиториянын жоктугун шылтоо кылып, фильмди тартууга жолтоо болчуларды айланып өтүп, DVD дисктерди сатуу мүмкүнчүлүгүн берди. Фильм жайылтуу эксперти Питер Бродерик жогорку мектептеги драманы баяндаган «Артка кетүү» аттуу фильм эч качан кинотеатрлардан же телеканалдардан көрсөтүлгөн эмес, ал турсун видеодүкөндөрдө да турган эмес, бирок DVD дисктерди сатуунун жана интернет аркылуу соодалоонун натыйжасында андан миллион доллардан ашуун киреше түштү дейт. «Узун кезек: эмне үчүн бизнестин келечеги азыраак же көбүрөөк сатууда» деген эмгегинде Крис Андерсон интернет продюсерлер менен дистрибьютерлерге салттуу чекене сатыкта анча өтпөгөн продукцияларды көрүүчүлөргө жайылтууга кантип өбөлгө түзөрүн баяндайт. DVD сыяктуу физикалык объектилерди сатуудан же киреге берүүдөн оолактап, электрондук файлдарды көчүрүп алууга ыктоо менен кичирээк жана адаттан тыш продукциялардын түрлөрүн чыгаруу аркылуу пайда табуу жөндөмдүүлүгү өсүүдө.


© AP Images/Paul Sakuma

*«Кариб деңизинин каракчылары» компьютер мониторунан көрсөтүлүүдө.*



© AP Images/Louis Lanzano

*Робер Редфорд (ортодо), Сандданс институнан Жон Купер (солдо) жана дүйнөдөгү эки миллиарддан ашуун чөнтөк телефон колдонуучуларды тейлеген GSM бирикмесинин өкүлү Билл Гайда чөнтөк телефондон фильм клипти карап турушат.*

## Цифралык жол менен жеткирүү

Ошол эле учурда жогорку тактыктагы телекөрсөтүүдөгү (HTT) соңку жетишкендиктер сүрөт менен үн сапатында секирикке алып келди. Кийинки убактарда электроника дүкөнүндө болсоңуз, чоң экрандардын укмуштай ачык, даана көрсөтөрүн байкагандырсыз. Ар бир цифралык видеокадр пиксел деп аталган кичинекей жарык чекиттерден турат жана пикселдер канчалык көп болсо, айрыкча чоң экрандагы сүрөт ошончолук жакшы жана даана болот. Традициялык видеостандарт боюнча, ар бир кадр болжол менен 345 000 пикселден турат, ал эми азыркы эң мыкты системалар 2 миллионго жакын пикселди пайдаланышат. Мыкты көрсөткөн чоң экрандан бир жолу фильм көргөн соң, эски стандарттагысын эч көргүңүз келбей калат.

Голливуддун фильмдери жана телекөрсөтүү программалары жогорку тактык менен өзгөртүлүп берилет (мында телекамера технологиясы пайдаланылат жана муну да биринчи болуп Жорж Лукас колдонгон). Мурун тасмага тартылып келген фильмдердин көпчүлүгү азыр убакыт менен акчаны үнөмдөө максатында цифралык жол менен тартылат жана алардын сапаты ушунчалык жогору болгондуктан, адатта аудиториялар алардын айырмасын ажырата алышпайт. Бүгүнкү күндө дээрлик ар бир фильм тартылып жатканда цифралык этаптан өтөт.

Киностудиялардын тобу цифралык технологияны толугу менен кинотеатрларга жайылтуу максатында «Цифралык фильм демилгесин» сунуш кылышкан. Азыр сиз өзүңүздүн жергиликтүү кинотеатрыңызга барсаңыз, фильмди кинопроектордон көрө турганыңыз бышык. Жаңы «4K» деген цифралык проекторлор дээрлик 9 миллион пикселди пайдалануу менен эч качан чийилип же чаң баспай турган укмуштай сонун кадрларды көрсөтөт. Кинотеатрлар мындай кымбат жабдууларды сатып алуудан баш тартышары бышык, бирок киностудиялар фильм тасмаларын чыгаруудан жана ташуудан кутулуу жана миллиондогон долларларды үнөмдөп калуу үчүн акырында бул жабдууларды кинотеатрларга алып бериши мүмкүн. Бирок жаңы продукциялар цифралык форматта чыга турган болсо, пираттарга күн туусйт, ошондуктан Голливуд ушундан чочулайт. Пиратчылык – абдан чоң проблема. Жеймс Бонддун эң соңку фильми чет өлкөлүк кинотеатрларда жаңы эле коюла баштаганда, анын пират DVD дисктери көчөлөрдө эбак эле бар болчу.

Кинотеатрлар цифралык технология заманынын босогосун аттаар алдында турса, керектөөчүлөр фильмдерди үйүндөгү чоң жалпак экрандардан, же экраны андан кичирээк компьютер мониторлорунан, же болбосо көчөдө баратып эле чөнтөк телефондорунан көрүп жатышат. Жаңы тактыктагы жана стандарт тактыктагы каналдар колдонуп келе жаткан цифралык




*Атактуу кинорежиссёр жана продюсер Жорж Лукас «Жылдыз согуштары» (Star Wars) фильминдеги атайын эффекттерден баштап келечектеги фильм жайылтуу ыкмаларына чейинки технологиялык өнүгүүлөрдө киноиндустрияны баштап баратат.*

телекөрсөтүү 2009-жылдын 17-февралынан тартып Кошмо Штаттарда традициялык аналог телекөрсөтүүнү толугу менен алмаштырат. Видеоматериалдарды сурап алуу, көчүрүп алуу, TiVO видеожаздыргычтары жана интернет аркылуу көрсөтүү системалары аркылуу биз жакын арада бардык нерселерди бардык жерде, бардык убакта көрө ала турган болобуз. Ошентип бул дүйнөлүк чоң салттардын бири – кинотеатрга барып, кошо күлүп, кошо кыйкырган элдин ичинде отуруп, фильм көрүү салты жок болот дегенди билдиреби?

Биз кайра эле көч башы катары Жорж Лукасты карайбыз. Өндүрүштүк көз караштан алганда, фильмди театралдык түрдө тартуу абдан опурталдуу болуп, кымбатка тургандыктан, киностудиялар көпчүлүктүн талабына ылайык продукция жаратуу менен блокбастердик маанайга ыктап жатышат. Ушундай болгон учурда деле көпчүлүк фильмдер акчаны кинотеатрларда жоготуп жатат. Блокбастерлерди көп тарткан Лукас «Дейли Верайетиге» мындай деген: «Биз фильм тартууну каалабайбыз. Телекөрсөтүүгө өтсөкпү деп турабыз». Ал бир фильмди тартууга 100 миллион доллар чыгымдап, аны кинотеатрларга таратуу үчүн дагы 100 миллион сарптоонун ордуна 50-60 фильм тартып, телекөрсөтүү жана Интернет аркылуу тараткан оң экенин айткан. Ал эми келечекте элдердин кинотеатрларга баруусу тууралуу ал: «Мен мунун көнүмүш адат катары сакталып каларына көзүм жетпейт»,- деген.

Цифралык технологиялар маңызы боюнча фильмдерди жөнөкөй эле цифрага айландыруу дей турган болсок, мунун өзү фильм тартууну, фильмде баяндалган окуяларды, алардын элге көрсөтүлүшүн, алардын баасын жана көрүүчүлөрүн кандай өзгөртөрүн көрүүнүн өзү эле бир жагынан таң калтырса, бир жагынан суктандырат. Андан ары эмне болот, дагы көрө жатарбыз.

---

*Журналдарда айтылган пикирлер сөзсүз эле АКШ өкмөтүнүн көз карашын же саясатын чагылдырбайт.*

# Голливуд айлана-чөйрөнү коргоого багыт алууда

Робин Л.Йегер

*Киноиндустрия жеке адамдардан тартып башкы киностудияларга чейин айлана-чөйрөнү коргоого багытталган иш-аракеттерди өздөштүрүүдө. Робин Л.Йегер – АКШ Мамлекеттик департаментинин эларалык маалымат программалар бюросунун өз кабарчысы жана «Коомчулук жана баалуулуктар» журналынын редактору.*

Фильм тартуу, өзгөчө айлана-чөйрөнү коргоо жагынан алып караганда, ыплас бизнес болушу мүмкүн. «Жарык, камера, мотор» дегендин өзү эле адатта убактылуу колдонула турган имараттарды жана башка нерселерди куруу, сценарийдин жүздөгөн көчүрмөлөрүн басып чыгаруу керек, адамдар ысыкта же суукта болуп, ошол жерде тамактанышы керек жана сценалар көбүнчө жарылуулар менен пиротехниканы талап кылат дегенди билдирет. Жарык энергияны талап кылат, адамдар жана бардык нерселер бир жерден экинчи бир жерге жылып, учуп же кандайдыр бир башка жолдор менен орун которуп турууга тийиш. Ал турсун цифралык технология да атайын жабдууларды пайдаланууну талап кылат.

Түштүк Калифорниядагы эң ири индустриялардын бири катары кинобизнеси мурунтан эле аймактын булгануусуна себепкер болуп келген. Ошондуктан муну өзгөртүү үчүн Голливудда көп иш-чаралар жүргүзүлүүдө. Айлана-чөйрөнү коргоого ири киностудиялардын жетекчилери менен персоналдарынан баштап актёрлор, артисттер жана кызматкерлерге чейин кызыгышат.

**Индустрия:** Өз компанияларын айлана-чөйрөнү коргоо программаларын аткарууга багыттаган киностудия жетекчилеринин арасында Алан Горн, «Уорнер бразерс» киностудиясынын президенти жана башкы аткаруучу директору жана Рон Мейер, «Юниверсал» киностудиясынын президенти жана башкы аткаруучу директору бар. «Юниверсал» парник газын 3 пайызга азайтууга аракет кылуу менен өз паркындагы дизелдик трамвайларды айлана-чөйрөнү азыраак булгоочу унаалар менен алмаштыруу сыяктуу ар түрдүү иш-чараларды жүргүзүүдө. «Уорнер бразерс» 14 жыл мурун айлана-чөйрөнү коргоо маселесине өзгөчө



© 2007 Warner Bros. Entertainment Inc. Бардык укуктар сакталуу.

*Шелли Биллик «Уорнер бразерс» киностудиясынын айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш-аракеттерин талкуулоодо.*

маани берүү менен бул багытта иштөөчү атайын кеңешти түзгөн. Компаниянын айлана-чөйрөнү коргоо боюнча долбоорлору агындылардагы таштандыларды азайтуу жана таштандыларды кайра иштетүү менен башталып, кийин алардын [www.wbenvironmental.com] веб-сайтында баяндалган кеңири программага айланган. Веб-сайттын менюсунан «Экотурду» бассаңыз, компаниянын айлана-чөйрөнү коргоо демилгелери боюнча вице-президенти Шелли Биллик «Уорнер бразерстин» иш-аракеттерин баяндап берет. Биллик көрүүчүнү кинобизнестин көптөгөн аспектилери менен тааныштырып, компаниянын жүргүзүп жаткан иш-аракеттерин баяндоо менен айлана-чөйрөнү коргоо саясаты жаратылыш үчүн эле эмес, бизнес үчүн да жакшы болорун белгилейт.

**Фильмдер:** Жорж Клуни экинчи даражадагы эң мыкты актёр катары «Оскар» сыйлыгына татыктуу болгон толук метраждуу «Сириана» фильминде айлана-чөйрөнү коргоо маселеси камтылган. Ал эми «Оскар» сыйлыгына татыктуу болгон «Ачуу чындык» аттуу документалдык фильмден улам, мурунку вице-президент Альберт Гор глобалдык жылымдоо боюнча бүткүл дүйнөгө кайрылган. Эки фильм тең кинорежиссёрлорду «көмүртекти нейтралдоо» долбоорун ишке ашырууга чакырган. Көмүртекти нейтралдоо - фильм тартууда




© AP Images/Alastair Grant

*Жорж Клуни өзү тарткан «Сириана» фильминде экинчи даражадагы эң мыкты актёр катары «Оскар» сыйлыгын алган. Фильм алгачкылардан болуп көмүртекти нейтралдоо ыкмасы менен тартылган.*

сарпталган энергиядан улам чыккан зыяндуу газдардын кесепетин бак-дарак отургузуу менен азайтуу же күн энергиясын, же болбосо калыбына келүүчү энергиянын түрлөрүн пайдалануу деген сөз.

**Инсандар:** Актёрлор жана кинорежиссёрлор ролдор менен долбоорлорду тандоодо айлана-чөйрөнү коргоо маселесин сөзсүз эске алышат. Алар элдин көңүлүн бул маселеге буруу үчүн өз статусун пайдаланышып, айлана-чөйрөнү коргоо иштерине каржы жагынан да колдоо көрсөтүшөт. Айлана-чөйрөнү коргоо иштерине активдүү катышкандардын тизмесинде Роберт Редфорд бар. Ал өз иш-аракеттеринин натыйжасында зор сыйурматка ээ болгон жана анын «Санданс каналы» аттуу кабелдик телеканалында жакындан бери айлана-чөйрөнү коргоо маселелерине арналган «Эколог» деген жумалык программасы пайда болду. Леонардо Ди Каприо 2007-жылы айлана-чөйрөнүн дүйнөлүк абалы жөнүндөгү «11-саат» аттуу документалдык фильм чыгарган. Ал айлана-чөйрөнү коргоого арналган реалити-шоуга жана фильмдерге такай катышат [www.leonardodicaprio.org]. Сценарист жана кинорежиссёр Пол Хаггис профессионалдык иш-аракеттеринен тышкары күн энергиясы колдонулган үйдө жашап, гибрид машина айдоо менен, айлана-чөйрөнү коргоого жеке салымын кошууда. Мындай адамдардын катарына Лаури жана Ларри Дэвид, Роб Рейнер, Том Хэнкс, Харрисон Форд, Норман Лир, Камерон Диас, Дерил Ханна жана башкаларды кошууга болот.

Айта кете турган нерсе, 2007-жылы февралда болгон «Оскар» сыйлыгын тапшыруу аземинде Кинематография искусствосу жана илими академиясы бул салтанаттуу аземдин өзү экология программасы экенин белгилөө менен көрүүчүлөрдү кеңири маалымат алуу үчүн www.oscar.com веб-сайты жана Табигый ресурстарды коргоо кеңеши менен байланышууга чакырды.

# Өкмөт жана кино

*Маданий программаларды, анын ичинде кинематографияны көзөмөлдөгөн көптөгөн өлкөлөрдөн айырмаланып, Кошмо Штаттарда киноиндустриясын жөнгө салуучу өкмөттүк мекеме же министрлик жок. Бирок өкмөттүн кинобизнеси менен бир нече жолдор аркылуу байланышы бар.*

## Фильм тартуу

Кошмо Штаттарда фильмдер, негизинен, эки булактан – жыл сайын көптөгөн фильмдерди жана телекөрсөтүү программаларын тартуучу чоң киностудиялардан жана студенттердин, тажрыйбалуу кинорежиссёрлордун башын кошкон көзкарандысыз фильм тартуучулардан жаралат. Кээде көзкарандысыз кинорежиссёрлор (университеттердин, же болбосо искусство же гуманитардык илимдер боюнча кеңештердин гранттары аркылуу) жергиликтүү, штаттык же федералдык бийликтен каражат алышат, бирок мындай каржылоо көбүнчө жеке демөөрчүлөрдөн, же искусствого, же фильмдеги маселеге колдоо көрсөтүү боюнча иштеген кайрымдуулук уюмдарынан түшөт.

Өкмөттө өзүнчө кинематография министрлиги болбогону менен, киноиндустриясы боюнча иш жүргүзгөн көптөгөн мекемелер бар. Штаттын жана жергиликтүү бийликтин деңгээлиндеги мындай өкмөттүк мекемелер өз аймагында фильмдин тартылуусуна колдоо көрсөтүшөт, анткени бул иш менен камсыз кылуу жана башка экономикалык пайда келтирүү менен туризмге колдоо көрсөтөт, же болбосо аймактын атагын чыгарат. Бул мекемелер ошондой эле фильм тартуучулардын полиция жана башкалар менен кызматташып, жол кыймылын, коомдук имараттарды жана башка зарыл нерселерди фильмде пайдалануу иштерине көмөк көрсөтүшөт.

Ушул сыяктуу эле өкмөттүк уюмдардын, өзгөчө аскер тармагындагылардын, фильм тартуучулардын имараттарды, жабдууларды, ал турсун адамдарды пайдалануусуна жардам берүүчү мекемелери бар. Анткени, фильмдеги авианосецти куруу, фильмдин фонунда көрсөтүлө турган чыныгы солдаттардай, учкучтардай же матростордой (алардын чач тарамы, келбети жана тышкы көрүнүшү көп учурларда актёрлордукунан башкача болот) көрүнүүгө тийиш болгон адамдарды жалдоо фильм тартуучулар үчүн абдан кыйын болмок. Куралдуу күчтөр болочок фильмди тартуу үчүн өздөрүнүн материалдык базасын кыйыктанбастан туруп колдонууга беришет жана алардын ар бир тармагында ушундай талаптарды канааттандыруу боюнча иштеген бөлүмдөр бар. Өкмөттүн башка тармактары эстеликтер же парктар сыяктуу коомдук жайлар менен имараттарды пайдалануу боюнча келип түшкөн арыздарды карайт.



*Бул фильм Техас кинокомиссиясынын колдоосу менен тартылган.*

Көп жылдар мурун АКШ өкмөтү бир нече көркөм фильмдерди чыгарган, ошондой эле согуш учурунда элдин духун көтөрө турган фильмдерди тартуу боюнча Голливуд менен тыгыз кызматташтыкта болгон. Бирок Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин бул программалар бюджеттик жана өзгөчө себептерден улам токтотулган. Ошондой болсо да чет элдик аудиториялар үчүн тийиштүү максатты көздөгөн иштерди өкмөттүк мекеме аткарган бир учур бар. Маселен, Кошмо Штаттардын Маалымат агенттиги көп жылдар бою

чет элдик аудиториялар үчүн башка билим берүү программаларына кошумча катары фильмдерди чыгарып турду. Ушундай фильмдердин бири, кыянаттык менен өлтүрүлгөн президентти эскерүү парзы катары тартылган «Жон Кеннеди: Чагылгандай жылдар, кооптуу күн» аттуу фильм, ал турсун, 1965-жылы эң мыкты документалдык фильм катары «Оскар» сыйлыгын алган. АКШ Мамлекеттик департаментинин бир бөлүгү болгон бул агенттик азыр өзүнүн фильмдерин чыгарбайт.

## Цензура

Кээ бир учурда, өзгөчө улуттук коопсуздук күн тартибинде турган Экинчи дүйнөлүк согуштун маалында маалыматтын айрым түрлөрүнө чектөө коюлган, бирок жалпысынан алганда, өкмөт цензура менен алектенбейт. Сөз эркиндигин коомдук жыргалчылык жана коомдук табит маселелери менен айкалыштырууга аракет кылуунун натыйжасында киноиндустриясында ыктыярдуу стандарттар киргизилген. Мында G- жалпы аудиториялар үчүн, R- чектелүү аудиториялар үчүн жана бир нече башка категориялар бар. Өкмөт тарабынан эмес , кино-индустрия өзү  фильмдерге көзөмөл жүргүзүү менен көрүүчүлөрдүн, ата-энелердин жана кинотеатр ээлеринин сексуалдык мүнөздөгү, зордук-зомбулук көрсөтүлгөн, же тили одоно фильмдерди кылдат баалоосуна мүмкүнчүлүк берет.

## Фильмдерди жайылтуу

Бүгүнкү күндө Кошмо Штаттарда тартылган фильмдер, сейрек учурларды эске албаганда, өлкө ичинде жана чет өлкөлөргө рынок тарабынан башкарылуучу коммерциялык каналдар аркылуу жайылтылат. Эгер фильм аудиторияны кызыктырбаса, тез эле аны көрсөтүү чектелет да, кинотеатрда анын ордун хитке айлануучу башка бир фильм ээлейт. 20-кылымдын биринчи жарымында өкмөт америкалык идеалдарды көргөзүүгө жардам бере турган фильмдерди чет өлкөлөргө чыгаруу аракеттерин жасаган. Бул иш кийин бир топ кыскартылып, аны азыр Мамлекеттик департаменттин кичинекей бир бөлүмү аткарат. Мисалы, азыр АКШ элчиликтеринин маданият министрлиги же университет сыяктуу жергиликтүү демөөрчүлөр менен бирдикте жергиликтүү аудиторияга коммерциялык фильмдерди көрсөтүүсүнө жардам берет. АКШ өкмөтү ушундай эле жол менен кинофестивалдарды жана искусствого байланышкан башка жергиликтүү программаларды уюштуруу аракеттерине колдоо көрсөтүүдө.



© AP Images/Honolulu Advertiser, Jeff Gebhard



© AP Images/Tom Stathis

*Кинорежиссёрлор куралдуу күчтөрдүн атайын бөлүмдөрү аркылуу «Перл-Харбор» фильминде пайдаланылгандай аскердик жайлар менен жабдуулардан пайдалана алышат.*

# Библиография

## Киноиндустрия боюнча кошумча адабияттар


Allen, Michael. Contemporary U.S. Cinema. New York: Longman/Pearson Education, 2003.

Ascher, Steven and Edward Pincus. The Filmmaker's Handbook: A Comprehensive Guide for the Digital Age. Revised ed. New York: Plume, 1999. *[Third edition to be published in July 2007.]*

Bordwell, David. The Way Hollywood Tells It: Story and Style in Modern Movies. Berkeley: University of California Press, 2006. *http://www.loc.gov/catdir/enhancements/fy0623/ 2005025774-d.html*

Diawara, Manthia and Mia Mask, eds. Black American Cinema 2. New York: Routledge, 2006.

Emmons, Mark. Film and Television: A Guide to the Reference Literature. Westport, CT: Libraries Unlimited, 2006. Table of Contents: *http://www.loc.gov/catdir/toc/ecip064/ 2005034358.html*

Katz, Ephraim, Fred Klein, and Ronald D. Nolen. The Film Encyclopedia. 4th ed. New York: HarperCollins, 2001.

Lyman, Rick. Watching Movies: The Biggest Names in Cinema Talk About the Films That Matter Most. New York: Time Books, 2003.

McCarthy, Kevin F. et al. The Performing Arts in a New Era. Santa Monica, CA: Rand Corporation, 2001. Supported by the Pew Charitable Trust. *http://www.pewtrusts.com/pdf/cul_rand.pdf*

Rhodes, Gary D. and John Parris Springer, eds. Docufictions: Essays on the Intersection of Documentary and Fictional Filmmaking. Jefferson, NC: McFarland, 2006.
*Table of Contents: http://www.loc.gov/catdir/toc/ecip0512/2005012767.html*

Rollins, Peter C. and John E. O'Connor, eds. Hollywood's West: The American Frontier in Film, Television, and History. Lexington: University Press of Kentucky, 2005. Table of Contents: *http://www.loc.gov/catdir/toc/ecip0514/2005018026.html*

Trumpbour, John. Selling Hollywood to the World: U.S. and European Struggles for Mastery of the Global Film Industry, 1920-1950. Cambridge, UK; New York: Cambridge University, 2002. *http://www.loc.gov/catdir/description/cam022/2001037562.html*

Turner, Graeme. Film as Social Practice. 4th ed. New York: Routledge, 2006. *http://www.loc.gov/catdir/enhancements/fy0654/2005030194-d.html*

Vaughn, Stephen. Freedom and Entertainment: Rating the Movies in an Age of New Media. New York: Cambridge University, 2006. *http://www.loc.gov/catdir/enhancements/fy0633/2005001236-d.html*

# Интернет ресурстары

## Киноиндустрия боюнча кошумча ресурстар

**Америка кинематография институту (American Film Institute)**
АКИ – кинематография боюнча билим берүүнү жетектеп, киноискусствосундагы, телекөрсөтүүдөгү жана цифралык маалымат каражаттарындагы жетишкендиктерди аныктоочу жана белгилөөчү мамлекеттик институт.
*http://www.afi.com/Docs/about/press/2007/100movies07.pdf*

**АКИ Кино жана маданият борбору (AFI Silver Theatre and Cultural Center)**
Ар түрдүү фильмдерди, программаларды, кинорежиссёрлордун интервьюларын, талкууларды, дискуссияларды, концерттерди жана экран искусствосуна байланыштуу башка иш-чараларды сунуш кылат.
*http://www.afi.com/silver/new/default.aspx*

**«Билборд» (Billboard)**
Музыка, телекөрсөтүү жана үйдө көңүл ачуу боюнча эларалык журналык.
*http://www.billboard.com*

**«Блум» (Bloom)**
«MTV» жана «OneDotZero» «Блумду» дүйнөдөгү эң мыкты кино образды табуу жана өзүнчөлүк менен жалпылыкты изилдей турган бир мүнөттүк фильмдерди чыгаруу максатында эларалык конкурс жарыялашкан.
*http://www.mtvonedotzero.com*

**«Кино жана тарых» (Film and History)**
«Кино жана тарых» - 1970-жылдан бери чыгып келаткан кинематография жана телекөрсөтүү боюнча журнал, мында негизинен киноискусствосунун коомго тийгизген таасири каралат. Ошондой эле көркөм фильмдер менен документалдык фильмдерде тарыхтын кандайча берилгендиги жана чечмеленгендиги да талданат.
*http://www.filmandhistory.org*

**Кино мектептер (Film Schools)**
Ар бир мектептин окуу программасы берилет жана көп учурда студенттердин жана башкалардын ой-пикирлери менен баалоолору да кошумчаланат.
*http://film_schools_browse.htm*

**Линкольн борборунун кино коому (Film Society of Lincoln Center)**
Американын эң атактуу кино таанытуучу уюму болгон Линкольн борборунун Кино коому 1969-жылы америкалык жана эларалык кинематографияны даңктоо, жаңы кинорежиссёрлорду аныктоо жана аларга колдоо көрсөтүү жана киноискусствосун көрүүчүлөргө таанытуу максатында түзүлгөн.
*http://www.filmlinc.com/about/about.htm*

**«Оскар» сыйлыктарынын тарыхы (History of the Academy Awards)**
*http://www.oscars.org/aboutacademyawards/history01.html*

**Интернеттеги фильм маалымат базасы (Internet Movie Database)**
*http://us.imdb.com*

**Америкалык кино ассоциациясы (Motion Picture Association of America)**
*http://www.mpaa.org*

**Анонс сайттар (Movie Preview Sites)**
Киноиндустриясы боюнча кеңири маалыматтарды, анын ичинде өмүрбаяндарды, фильмдерден үзүндүлөрдү, акыркы маалыматтар менен жаңылыктарды жана ушак кептерди берет.
*http://trailers.htm*

**Мамлекеттик кинофонду (National Film Preservation Foundation)**
Мамлекеттик кинофонд (The National Film Preservation Foundation (NFPF) Американын кино мурасын сактоого жардам берүү максатында АКШ Конгресси тарабынан түзүлгөн коммерциялык эмес уюм. Ал америкалык фильмдерди сактоо, изилдөө жана көрсөтүү максатындагы мамлекеттик иш-чараларга колдоо көрсөтөт.
*http://www.filmpreservation.org*

**Киносценарийлерди даярдоо (Script Pipeline Into Motion Pictures)**
Бул сайт киносценарийлерди кантип сунуш кылуу, сценарий жазууга кантип машыгуу, маалымат бюллетендерине же конкурстарга кантип жазылуу жана сценарийге маалыматты кантип топтоо керектиги тууралуу маалыматтарды камтыйт. Мындан тышкары мында киносценарий жазууну сунуш кылган кино мектептеринин жана коллеждеринин байланыш даректери тууралуу маалыматтар бар.
*http://www.scriptpimp.com/show_me/film_schools/*

---

*АКШнын Мамлекеттик департаменти жогорудагы ресурстардын мазмуну жана жеткиликтүү болушу үчүн жооп бербейт. Бул ресурстардын бардыгы 2007-жылдын май айында иштеп турган.*


eJOURNAL USA


# A MONTHLY JOURNAL ABOUT THE UNITED STATES OFFERED IN MULTIPLE LANGUAGES

## Five Thematic Editions:

Economic Perspectives
Foreign Policy Agenda
Global Issues
Issues of Democracy
Society & Values











**REVIEW THE FULL LISTING OF TITLES AT**
**http://usinfo.state.gov/pub/ejournalusa.html**